В статье раскрывается роль учителя в современном личностно ориентированном подходе к обучению в образовательном процессе, а также о формах и принципах обучения. Приведены мнения о профессиональной компетентности учителя в воспитании ребенка. В статье также раскрывается важная роль образования в воспитании ребенка как личности. Перечислены основные качества учителя в обучении школьников, а также их влияние на достижения учителя. В процессе обучения ученики получат достоверную информацию в соответствии с современной наукой. Ученики привыкают к анализу изучаемых явлений, предметов и фактов с научной и диалектической точки зрения, отмечается, что у них постепенно формируются элементы диалектического мышления
**Ключевые слова:** учитель, учебный процесс, личность, образование. компетентность, любовь к профессии.

## ACTIVITIES OF THE TEACHER IN PERSONALLY-ORIENTEDTRAINING CONDITIONS

**Abstract**

Modern technologies are the main tools in educational practice, in improving the professional skills of teachers, in the upbringing of a citizen. The article reveals the role of the teacher in the modern student-centered approach to teaching in the educational process, as well as the forms and principles of teaching. The opinions on the teacher's professional competence in raising a childare given. The article also reveals the important role of education in raising a child as a person. The main qualities of a teacher in teaching schoolchildren are listed, as well as their influence on the teacher's achievements. In the learning process, students will receive reliable information in accordance with modern science. Pupils get used to the analysis of the studied phenomena, objects and facts from a scientificand dialectical point of view, it is noted that elements of dialectical thinking are gradually formed in them.
**Key words:** teacher, educational process, personality, education. competence, unity, love of the profession

Педагог бул тарбиячылардын өз ишмердигинде окуучулар менен жүргүзүлүүчү ишмердүүлүктүн методдорун, принциптерин, формаларын жандандыруу менен алар аркылуу мугалим өзүнүн окуучуларга карата кең пейилдүүлүк, талапкерлик мамилесин ишке ашырбаса, балдар коллективинде оптимизмдин, кызматташтыунын жана жолдошчулуктун маанайын түзбөсө, ар бир мектеп окуучусунда өз күчүнө ишенүү сезими пайда кылбаса, анда иштин колдонулбаган методдору, принциптери, формалары натыйжасыз болуп кала берет.Мугалимдик кесипке шаблондуулук, мезгил талабынан артта калуучулук ылайыксыз, туура келбеген жат көрүнүш болуп саналат. Бул кесипке өзүн арнаган адам өз тарбиялануучуларында пайда кыла турган бардык сапаттарга өзү ээ болушу керек .Адам баласын адам гана тарбиялайт. Биздин коомубузда мугалим –балдарга келечектен келген адам. Ал балдарды келечек жөнүндөгү ой-тилек менен шыктандырат, келечектин идеалдарынушул азыр бекемдөөгө үйрөтөт. Мугалим өзү инсан болууга тийиш. Анткени,ар бир инсан башка бир инсан аркылуу тарбияланат; ал өзү бийик гумандуу болуу керек, анткени балада гумандуулукту жалаң гана кең пейилдүүлүк менен жаратууга болот. Ал сөзсүз түрдө билими күчтүү жана чыгармачыл адам болууга тийиш. Анткени, таанып-билүүгө болгон чоң далалаттыошондой далалаттуу киши гана ойгото алат. Мугалим патриот болуусу керек. Анткени мекенге болгон сүйүүнү өз мекенин сүйгөн адам гана ойгото алат. Балдар менен түзгөн мамилесинде жасалмалуулукка, оройлукка, чыдамсыздыкка, кектүүлүккө жол бербөөгө тийиш. Ачууга тез жеңдирип, коркутуп-үркүткөнгө өтүп, өзүн-өзү кармана албаган педагог мектеп окуучуларын сылыктыкка жана кең пейилдүүлүккө үйрөтө албайт [1, с.440] Мектеп курактагы балдар үчүн эң кадыр-барктуу адам – мугалим. Алар өздөрүнүн педагогдоруна, анын билимине, чыр-чатактуу маселелерди акыйкат чечүүсүнө, ар биринин жүрүм-турумуна жана ийгиликтерин адилет баалоосына ишенишет. Биринчиден, мугалим өз кадыр-баркын балдар арасында сактоосунун инсандык калыптанышына оң таасир тийгизүү үчүн пайдалануусу эң маанилүү. Балдар өз мугалимин жакшы көрүп сүйүүсү керекпи? Албетте керек. Тарбиялык таасир этүү өзүнүн жакшы натыйжасын берсин үчүн бул эң эле зарыл шарт болуп эсептелет. Балдар мугалимдин эң жакын досу, кеңешчиси, жетекчини көрүп, бүтүндөй ички сырларын ачып, бериши үчүн мугалим өзүн кандай алып жүрүшү керек экендиги жөнүндө ойлонууга тийиш. Мектеп окуучусу бардык билимди мугалим аркылуу алат.

Окуу менен мугалим ал үчүн ажырагыс нерсе. Эгер бала мугалимди сүйсө, демек, ал окуганды да мектепти да, сабакты да, китепти да сүйөт. Мугаимди сүйбөсө, андан корксо, анда ал окууну азап катары көрүп, тынчсызданат, мпектепке айласыздан барат. Жакшы көргөн мугалимдин пикири, берген баасы окуучу үчүн адамдарга, алардарга, алардын ишине, болгон окуяларга мамиле жасоонун үлгүсү катары каралган тунук айнек. Ал ―айнектин өзүн байкабайт, бирок эң бир кызыгуу, таңыркануу, суктануу, кубануу, тажабагандык менен бала кандайдыр бир ―керемет күчтүн аркасында таанып-билүү терезесинде пайда болгон нерселерге жана кубулуштарга үңүлө карайт,”эмне үчүн”, ”а мындай болсочу” деген суроолорду берет. Ишенбөөчүлүктү, бекемдөөлөрдү, тыянактарды, көз караштарды, ыймандык түшүнүктөрдү жана шарттарды айтат [2, с.24-79]

Сүйүктүү мугалимдин сабагы – бул таанып-билүүнү дегдетип, бир дем менен өтүлгөн сабак; педагогдун ыймандык-этикалык кеп-кеңеши, ой-пикири бала тарабынан бирден-бир туура көз караш катары кабыл алынат. Аны ал дайым жактап бекемдей берет. Бирок эгерде мугалим көңүлүнө жакпаса, андан бала корксо, анда турмуш чындыгын чагылдырган терезе кыйшык күзгүгө айланып, бул учурда баланын бир нерсени көрүүсү, дегеле
ага карашынын өзү, кыйла азаптуу болуп калат. Балдар мугалимди сүйүп, агаишенип, анын айтканындай болушу үчүн балдар өз мугалиминен эмнелерди көргүлөрү келишет? [3,с.321]

Биринчиден, мугалим балдардын баарын жана ар бирин түшүнө билүүсүн көргүлөрү келет. Ар дайым жардамдаш болуп, алардынийгиликтерине кубанып, иш оңунан чыкпаган учурда көңүлүн көтөрүп турган мугалим менен алака түзүү канчалык кызык жана кубанычтуу

экендигин окуучулары сезип-туюулары керек. балдарды түшүнүү – бул ―алардын ичи-койнуна кирип кетүү‖, алар менен кошош кубануу, бирге кайгыруу, алардын турмушу менен жашоо.Экинчиден, эң кең пейил айкөлдүктү, боорукердикти көргүлөрү келишет. Бул албетте, баарына макул боло бергендикке, б.а. каалаганыңды жасай бер, баары сен үчүн кечиримдүү дегендикке жатпайт. Кайра тескерисинче, мугалим талапты катуу коюушу керек, анын көзүнчө бала оюуна келгенди жасап, обу жоктоно бергенден тартынып турууга тийиш. Бирок, мында бала мугалимдин боорукердигин, кечиримдүүлүгүн, жардамдашууга дилгирлигин, өзүнүн мугалим менен болгон мамилелеринен даана байкай билгени жакшы. Кең пейилдүүлүк жана илбериңкилик сабырдуулукту, окуунун татаал жолунда окуучунун мүчүлүштөрүнө табигый көрүнүш катарында мамиле жасоону талап кылат. Мектеп окуучулары көп жаңылып, тапшырмаларды түшүнүүдө кыйналып, алаксып ж.б. кетишет. Эскертүү жасап наразылыгын билдирүү, сабырдуулукту жоготуп коюу, жардамга ата-энелерди чакыруу сыяктанган нерселер үчүн мугалимге кадам сайын шылтоо табыла берет. Бирок педагогикалык сабырдуулук – бул тарипти бузгандыкка, артта калуучулукка, билимсиздикке келишүүчүлүкмамиле эмес, бул окуучунун күчүнө, мүмкүнчүлүгүнө эң оптималдуу мамиле жасоо, анын жекече психологиялык өзгөчөлүктөрүнө таянуу. Үчүнчүдөн, балдардын ар бири өсүп-жетилип баратканына кубана билүүнү көргүлөрү келишет. Мына ушул учурда гана бала өзүнүн алдыга жылганын көрүп,өзүнө жана өз күчүнө ишенет. Аны сыйлашат, ага ишенишет, анын сөзүн угушат, ал коллективде керектүү киши, мугалим да ага кызыгат, алар бири бирине ишеним жасашат- мына ушундай ички жылуу сезимдер мектеп окуучусунда ар дайым болуу керек . [4, с.-129с]

Окутуу процессинде окуучуларга азыркы илимге ылайык такталган, окуучуларды эки анжы ойго келтирбей турган гана маалыматтар берилет. Ошондуктан окутуу методдору өздөрүнүн мүнөзү боюнча тиешелүү илимдерде колдонулуучу методдорго жакын ылайыкташтырылып түзүлүүгө тийиш. Натыйжада окуучулар үйрөнүлүүчү кубулуштарды, предметтерди жана фактарды илимий -диалектикалык көз караште талдап көрүүгө көнүгүшөт, аларда акырындык менен диалектикалык ойлонуунун элементтери калыптанат. Бул принциптин теориялык негизи таанып билүүнүн диалектикалык теориясы болуп эсептелет, ал теорияга ылайык дүйнөнү таанып-билүүгө болот жана адамдардын практикада текшерилген билимдери дүйнөнүн туура жана объективдүү сүрөтүн берет. Бирок, окуучулардын таанып-билүүлөрүнүн өсүшү илим билимдердин өсүү темпиндей эмес, андан бир кыйла жай темпте. Бул принциптин негизги талаптары төмөнкүлөр:

- Окуу предметинин логикасын ачып көрсөтүү;
- Үйрөнүлүүчү материалдын башка объекттери менен көп кырдуу байланыштарын түзүү, башкача айтканда, ар бир жаңы окуяны жана предметти бардык жагынан карап үйрөнүү (мунун өзү окуучуларда диалектикалык ойлонуунун элементтерин калыптандырат);
- Илимде кабыл алынган терминдер менен туюнтулуучу туура түшүнүктөрдүн пайда болушу үчүн шарттарды түзүү;
- Үйрөнүлүүчү билимдердин ачылышынын тарыхый жолун, түшүнүктөрдүн жана закондордун пайда болуу процессинин ички байланыштарын ачып көрсөтүү;
- Окутуу методдорунда илимий таанып билүүнүн методдорун чагылтуу [5, Б.-267]

**Корутунду**

Балдар коллективиндеги ынтымак, достук, өз ара жардамдашуучулук, сезимталдык жана илбериңкилик бардык жагынан мугалимге, анын окуучулар менен мамилесинин гумандуулугуна байланыштуу болот. Мына ушундай жагдайда гана балдар тарабынан өздөштүрүлгөн билимдер программа жана окуу китептеринде каралган тарбия жана өнүктүрүүчү аракеттерге ээ боло алат. Демек, учурда мектеп окуучуларын ар тараптуу тарбиялоо, окуу процессине тартуу аракеттеги билим берүүнүн мамлекеттик стандартына

таянуу аркылуу жүргүзүлүү менен алардагы маалыматтык, социалдыккоммуникациялык жана өз ишин уюштуруу жана маселелерди чечүү компетенттүүлүгүн калыптандырууга негизделет.

**Адабияттар**:


1. Апышев Б.А., Д. Бабаев Д.Б., Жоробеков Т.А. 2011. Бишкек. С-440.
2. Байгазиев, С. Цивилизация жана ата-журт тагдыры. 2008.Бишкек. С. 24-79.
3. Андреев, В.И. Учебный курс для творческого саморазвития. 2-е изд. 2000.Казань.Б-321
4. Бекбоев, И.Б. Инсанга багыттап окутуунун технологиялары, 2006.Бишкек. Б-129.
5. Климов, Е.А Образ мира в разнотипных профессиях. Учебное пособие.М. .2005. Б-267


**УДК**:3378.091=111

## ПРАКТИКА УЧУРУНДА БОЛОЧОК МУГАЛИМГЕ КОЮЛУУЧУ НЕГИЗГИ ПЕДАГОГИКАЛЫК ТАЛАПТАР.

Ыкыбал Капаровна Жолдошбаева п.и.к.доцент., Б.Осмонов атындагы ЖАМУ
Мөөркан Махаматжановна Аттокурова окутуучу, Б.Осмонов атындагы ЖАМУ

**Аннотация**

Бул макалада педагогика багытында окуган студенттердин болочок мугалим катары лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууда педагогикалык практика негизги ролду ойной тургандыгын ошондой эле алардын тилдик-предметтик, методикалык жана психологиялык-педагогикалык компетенциялары калыптандырып жана окутуу процессин сапаттуу уюштурууга жана башкарууга үйрөтүүгө шарттар бар экендиги жөнүндө.

**Түйүндүү сөздөр:** кесиптик компетенттүүлүгү, комплекстүү практиканы пландаштыруу,лингводидактикалык компетенттүүлүк,практиканын жетекчиси, концепция,педагогикалык этикасынын, педагогикалык практиканын орду,мамиле,калыптануу.

**Аннотация**

В данной статье объясняется, что педагогическая практика играет ключевую роль в формировании лингво-дидактических компетенций студентов-педагогов как будущих учителей, а также условия формирования у них лингво-предметных, методических и психолого-педагогических компетенций и обучения их организации и управлять учебным процессом.

**Ключевые слова:** профессиональная компетентность, комплексное планирование практики, лингводидактическая компетентность, руководитель практики, понятие, место педагогической этики, педагогическая практика, подход, формирование.

**Annotation**

This article explains that pedagogical practice plays a key role in the formation of linguo-didactic competencies of students-teachers as future teachers, as well as the conditions for the formation of their linguistic-subject-oriented, pedagogical, methodological and psychological disciplines and psychologists.

**Key words:** professional competence, integrated practice planning, linguodidactic competence, practice leader, concept, place of pedagogical ethics, pedagogical practice, approach, formation.

Сандан сапатка адамзат дайыма умтулуп келген. Ал эми бүгүнкү күндө өзгөчө бааланып келген педагогикалык сапат: ал бардыгы үчүн жооп бере турган - мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү. Аталган критерийди педагогикалык практиканы өтүү учурунда калыптандырууну көздөшүбүз керек. Мурдатан бери белгилүү: педагогикалык практиканы уюштуруу маселелери план аркылуу ишке ашат. Бир мезгилде педагогикалык практиканы комплекстүү пландаштыруу адатка айланган. Бүгүнкү күндө практиканын жетекчиси педагогикалык практикада өтүлгөн сабактын талдоосун студент – практиканттар менен кошо жүргүзүшү керек. Кандай гана болбосун педагогикалык практиканын жетекчиси, аны уюштуруну өз мойнуна алышы керек жана өзү да мыкты усулчу болушу керек. Мына ушундай комплекстүү критерий болочок чет-тил мугалимди даярдоодо өтө керектүү нерсе.

Педагогика багытында окуган студенттердин болочок мугалим катары лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууда педагогикалык практиканын жетекчиси, мыкты усулчу катары студенттердин көңүлүн эмнеге бурушу керек: педагогикалык практиканы жана анда өтүлө турган сабактарды туура пландаштыруу жана компетенттүү түрдө алып баруу, сабакты өтүүдө окутуунун технологияларын туура тандоо. Андан тышкары практиканын жетекчиси тынымсыз педагогикалык кеңештерди берип, ар бир сабактын,тарбялык иштин фрагменттерин студент менен чогуу ойлонуштурушу абзел. Андан тышкары сабактын максатына, тапшырмаларга студенттердин көңүлүн буруп, болочок мугалим катары кызыгуусун өстүрүүнү көздөшү зарыл. Мына ушулардын бары ишке ашканда гана ар бир студенттин болочок мугалим катары лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу максаты жакшы жыйынтыктарды бере алат. Чындыгында жогорудагы айтылган ишмердүүлүктөрдүн бардыгы педагогикалык практиканын жетекчилигинин көрсөтмөсү менен ишке ашып келе жатат. Жогорку окуу жайларынын методисттеринин жана мектептин жетекчилеринин таасирлеринин негизинде студент-практиканттар практикага бөлүнгөн мезгилдин ичинде көп компетенцияларды үйрөнүүгө жетишет.

Билим берүү концепциясы жаңыланып жаткан учурда педагогикалык практиканы жаңы технологиялар, жаңы окутуу методдор менен алып барышыбыз керек. Болочок мугалимдин кесиптик, ошону менен бирге лингводидактикалык компетенттүүлүгүн өстүрүп калыптандырууда эң чоң ролду тилдик-предметтик, методикалык жана психологиялык-педагогикалык биримдиктер ойнойт. Ал эми негизги көңүлдү студенттердин болочок мугалим катары өз алдынча калыптануусуна бурушубуз керек. Бүгүнкү студент - эртеңки мугалим билим алууда, өзүнүн билимин өзү өркүндөтүп, педагогикалык чеберчилик деген түшүнүккө да көңүлүн бурушу керек. Бул багытта иш алып баруу - болочок мугалимдин педагогикалык милдеттерин бири десек жаңылышпайбыз.Педагогикалык практика учурунда методист ар бир студенттин сабагына анализ жүргүзүүдө, тагыраак айтканда, анализ берүүдө негизги ойлорун өзүнүн коммуникативдик чеберчилиги менен айтышы керек. Студенттер тарабынан өтүлгөн сабактарга баа берүүдө бардык багыттарды эске алуу менен анализ жүргүзүлүшү керек. Уюштурууччулук, жыйынтыктоочу жагдайлар да эске алынат. Кесиптик,анын ичиндеги лингводидактикалык компетенттүүлүктүн бардык жактарын тегиз камтууга умтулган студент өз кесибинин жүгүн аркалай алат. Бул иштин гипотезалык негизги бөлүгү болуп студенттерди болочок мугалим катары өз кесибине кызыктыруусун туура чечүү саналат. Эмнелердин жардамы менен кызыктыруу процессин жүргүзсө болот? Мисалы: эл аралыкмаанидеги инсандардын жана эл мугалимдердин педагогикалык этикасынын эрежелерин таанып - билүүгө багыттоо, колдоо, анын натыйжалуу жактарын практикада колдонууга үгүттөө ж.б.у.с.

Түрдүү психологиялык жагдайларды билүү, өзү-өзүнүн кесиптик жана лингводидактикалык компетенттүүлүгүнүн калыптандыруу максатында көрүнүктүү мугалимдердин эмгегине көңүл буруп, тажрыйбасын үйрөнүү жана ага чыгармачыл мамиле

жасап, өз сабактарында колдонуу - азыркы мезгилдин талабы. Ал билимдер сабак мезгилинде болгон педагогикалык кырдаалдарды чечүүдө өз таасирин тийгизет. Сабактар боюнча түзүлгөн план айрым учурларда кошумча оңдоолорду, белгилүү бир шарттарды ыңгайлаштырууну талаптайт. Мына ушул шарттарга алдын ала прогноз жасоо, аудиториядагы болгон, түзүлгөн шарттарды да эске алуу зарылчылыгы келип чыгат. Бул шарттар план-конспектерде көрсөтүлбөйт, чагылдырылбайт, ошондуктан болочок мугалим жогоруда айтылган шарттарды алдын ала билип, эске албаса, алар кээде сабактын максатына жеткирбей коет. Кээде методикалык жактан туура тандалып алынган көнүгүүлөр, айрыкча, тилди көнүктүрүүгө ылайыкташтырылган көнүгүүлөр диалог түзүүдө иштей турган катышуучулардын же окуучулардын туура эмес тандалгандыгынын натыйжасында өз максаттарына жетбей калган учурларды да кездештиребиз.

Бул жерде айта кетишибиз керек, болочок мугалим англис тил сабагынын лексикалык жактан сөз өстүрүү технологиясын жакшы билсе, ал сабактын максатын туура көздөйт. Болочок мугалим студенттердин билимдерин баалоодо кабыл алынган критерийлерден да сыртка чыкпашы керек. Практика учурунда болочок мугалимге коюлуучу негизги педагогикалык талаптар: сабактын жүрүшүнө анализ жүргүзө билүү, бүтүндөй окуу процессинин жүрүшүнө баа бере алуу, компетенттүү мамилени колдонуп туура окутуу каражаттарды тандоо. Практикада студент сабакка жөн гана талдоо жүргүзбөстөн, сабактын ар бир фрагменттине маани берип, көңүл буруп, план боюнча ар бир педагогикалык шартты туура тандоо компетенцияларына ээ болушу керек.Педагогика багытында окуган студенттердин болочок мугалим катары лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууда биздин оюбуз боюнча биринчи кезекте төмөнкү багыттарды эске алышыбыз керек:

**- өз алдынча өз кесибине кызыгуусун өстүрүү;**
**- ар бир предметтерге позитивдүү мамилени калыптандыруу;**
**- лингводидактикалык маанидеги иш-аракеттерди көп үйрөнүп билүү;**
**- өзүнүн ишмердүүлүгүнө жыйынтык чыгара билүү.**

Жогорудагы айтылган багыттар педагогикалык практиканын мезгилинде эске алынып, ишке ашып, туура жүргүзүлүп, калыптанылышы керек. Айрыкча, төртүнчү курстагы окуган студенттер педагогикалык практиканын учурунда тарбиялык сабактын лингводидактикалык маанисине өзгөчө кызыктыруу керек. Лингводидактикалык маанидеги тарбиялык иштерди алып барууда жана талдоо берүүдө бир нече маанилүү жактар эске алынышы керек:Бүгүнкү күндүн эң негизги критерийлеринин бири: ал сабактагы, тарбия иштеги психолого-педагогикалык жагдайдын жагымдуу болушу: сабак же тарбияишин өткөндө мугалим менен окуучунун ортосундагы психологиялык маанайдын туура түзүлүшү. Айрыкча, окуучулардын билим деңгээлин баалоодо мугалимдин калыстыгы, ошондой эле класстагы педагогикалык аба-ырайынын ачык болушу да сабактын максатынын толук жетишине эң жакшы өбөлгө болот. Тандалып алынган дидактикалык материалдардын тарбиялык мааниси да камтылышы керек. Педагогикалык практика учурунда ар бир студент өзүнүн ар бир өткөн сабактарынан жыйынтык чыгарып, кызыктуу сабактарды өтүүгө умтулуп, окуучуларды өзүнө тартып турушу керек. Студенттер болочок мугалим катары сабакта, тарбия иште окуучулар арасында адамзаттын кадыр-баркы жөнүндө темаларды өтүп, адамзаттын этика-эстетикалык жүрүш-турушу жөнүндө сөз кылып, окуучулар менен болгон өзүнүн кызматташтык мамилесин бышыкташы керек. Кээ бир окуучулар мугалимге болгон сый-урматын, симпатиясын көрсөтүп, мугалим өткөн сабакка кызыгып, айрым учурларда мугалимкызыктыраалган предмет алардын болочок кесибин тандоого түрткү берген да учурлар бар экенин айта кетишибиз керек.Болочок мугалим бардык жактан төгөрөгү төп келишкен адам болбосо да, билими терең, өз кесибин сүйгөн, кесибин жакшы билген, терең кесиптик билимдерин окуучуларына компетенттүү мамиленин негизинде жеткире алган компетенттүү адис болууга умтулушу керек.

Жыйынтыктап айтканда, педагогика багытында окуган студенттердин болочок мугалим катары лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууда педагогикалык практиканын орду зор десек жаңылышпайбыз, анткени алардын тилдик-предметтик, методикалык жана психологиялык-педагогикалык компетенциялары калыптанат жана окутуу процессин сапаттуу уюштурууга жана башкарууга үйрөтүүгө шарттар бар.

**Колдонулган адабияттар**.

1. Жолдошбаева,Ы. Мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө педагогикалык практиканын орду [Текст] / Ы. Жолдошбаева // http://www.kaznpu.kz
2. Республикалык илимий-практикалык конференциянын материалдары.- Абай атындагы КазУПУ.- Алма-Ата, -2014. - 159-162.-бб.
3. Жолдошбаева, Ы. Болочок мугалимдердин атайын кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырунун педагогикалык шарттары [Текст] /Ы. Жолдошбаева // Вестн. Кырг. нац. ун-та им. Ж. Баласагына. – 2013. – Вып. 4. – С. 339-342.
4. Жолдошбаева, Ы. Студенттердин лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелери [Текст] / Ы. Жолдошбаева // Вестн. Кырг. нац. ун-та им. Ж. Баласагына. – 2014. – Вып. 1. – С. 239-242.
5. Раимкулова, А.С. Формирование профессиональных компетенций будущего учителя по активизации познавательной деятельности школьников [Текст]: моногр. / А.С. Раимкулова. – Бишкек: Изд-во КНУ им. Ж. Баласагына, 2011. –162 с.
6. Раимкулова, А.С. Компетентностный подход в формировании профессиональных компетенций будущего учителя как один из кардинальных путей модернизации современного образования [Текст] / А.С. Раимкулова // Вестн. КазГУ им. Аль–Фараби, 2010. – № 2. – С. 37-43.

**УДК** 37:39 (075.8)

## ААЛАМДАШУУ ШАРТЫНДА ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК ПРОБЛЕМАЛАРЫ ЖАНА ЖАШТАРДЫ МЕКЕНЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛОО МАСЕЛЕЛЕРИ

Зулуев Бекмурза Бекболотович –Ош мамлекеттик педагогикалык университет, педагогика илимдеринин доктору, профессор. E/mail: zuluev@mail.ru
Бабеков Анарбай Ураимович–Ош мамлекеттик педагогикалык университет, химия илимдеринин кандидаты, профессор. E/mail: ababekov2511@mail.ru
Абылов Рысбек Абдикаримович-Ош мамлекеттик педагогикалык университет, экономика илимдеринин кандидаты, доцент. E/mail: rysbekaa@mail.ru

**Аннотация**

Бул илимий макалада үзгүлтүксүз билим берүүнүн учурдагы абалы, мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде, орто мектептерде, атайын кесиптик окуу жайларда

жана жогорку окуу жайларда өз билимин өркүндөтүү процесстери, үзгүлтүксүз билим берүүнүн милдеттери социалдык – экономикалык, калктын маданий, профессионалдык билиминин, эң негизгиси, жалпы орто билим берүүнүн өнүгүүсүндө такай жаңыланып туруусун, кеңейтилишин камсыз кылуу мезгил талабы экендиги, ошондой эле билим берүү жөнүндө мыйзам — билим берүү тармагын уюштуруунун, башкаруунун жана анын иштөөсүнүн негизги принциптерин белгилөөчү, аларды ишке ашыруунун укуктук базасы катары кызмат өтөөчү укуктук акт экендиги илимий макалада кеңири чагылдырылган. Мындан сырткары макалада баланы окутуп-тарбиялоонун этнопедагогикалык проблемалары, элдик педагогикалык идеялар, каада-салттар, жөрөлгөлөр элдик керектөөлөр жөнүндө, биринчиден, элдин керектөөсүнө шайкеш келген рухий педагогикалык нарк-дөөлөттөр гана элдин салттуу ишенимине, идеалына айланары жөнүндөгү түшүнүктөр, экинчиден элдин рухий практикалык, турмуштук талаптарынын улам өсүшү жаңы педагогикалык табылгаларды, тажрыйбаларды жарата тургандыгы жөнүндөгү орчундуу маселелер менен катар жаш муундарды, окуучу жаштарды мекенчилдикке тарбиялоого даярдоонун милдеттери жөнүнө баяндалган.

**Ачкыч сөздөр:** Этнопедагогика, инновация, мобилдүүлүк. интерактивдүү, акыл-эс, ыйман-парасат, таалим-тарбия, эмоция, <u>феномен</u>, концепция.

## ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ПРОБЛЕМЫ НЕПРЕРЫВНОГО ОБРАЗОВАНИЯ В УСЛОВИЯХ ГЛОБАЛИЗАЦИИ

**Аннотация**

В данной статье раскрывается современное состояние непрерывного образования; процесс самообразования в учреждениях дошкольного образования, в средней школе, в специальных профессиональных и в высших учебных заведениях. Автор говорит о задачах непрерывного образования – экономическом, культурном, профессиональном образовании народа; о необходимости постоянного обновления в развитии общего среднего образования. Так же в статье широко освещается, как правовой акт, закон об образовании, выделяющий основные принципы организации, управления и реализации деятельности в области образования. Кроме того в статье говорится об этнопедагогических проблемах в учебно-воспитательном процессе; идеях, традициях, потребностях и ситуациях в народной педагогике. Во-первых, понятие о том, что только соответствующие потребностям народа духовные педагогические ценности становятся народными идеями и традициями; во-вторых, о возрастающих требованиях народа к духовным, жизненным, практическим ценностям и педагогическом опыте, находках в данной области; о задачах патриотического воспитания молодого поколения, учащейся молодежи.

***Ключевые слова:*** Этнопедагогика, инновация, мобильность, интерактивный, разум, мудрость, воспитания, эмоция, <u>феномен</u>, концепция.

## ETHNOPEDAGOGICAL PROBLEMS OF CONTINUOUS EDUCATION IN THE CONTEXT OF GLOBALIZATION AND ISSUES OF PATRIOTIC EDUCATION OF YOUTH

**Annotation**

This article discribes the current state of continuing education, the process of improving their knowledge in preschools, secondary schools, vocational schools and universities, the objectives of continuing education, socio-economic, cultural, vocational education, and most importantly, general secondary education. The scientific article elaborates that the provision of constant updating and expansion of education is a matter of time, and that the law on education is a legal act that establishes the basic principles of organization, management and operation of the education system and serves as a legal basis for their implementation. In addition, the article deals

with ethno-pedagogical problems of educating children, folk pedagogical ideas, traditions, rituals, firstly, the notion that only spiritual pedagogical values that meet the needs of the people become the traditional beliefs and ideals of the people, and secondly, the people's spiritual, practical, life. In addition to the important issues of increasing the demand for new pedagogical discoveries and experiences, the tasks of preparing the younger generation of students for patriotic education are described.

***Keywords:*** *Ethnopedagogy, innovation, mobility, interactive, reason, wisdom, education, emotion, phenomenon, concept.*

Үзгүлтүксүз билим алуу –бул инсандын бир максатка багыт алып билимин, жөндөмдүүлүгүн өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша үзгүлтүксүз жогорулатуу болуп эсептелет. Ал мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде, орто мектептерде, атайын кесиптик окуу жайларда жана жогорку окуу жайларда өз билимин өркүндөтүү менен жүргүзүлөт. Үзгүлтүксүз билим берүүнүн милдеттери болуп биздин республикабыздын социалдык – экономикалык, калктын маданий, профессионалдык билиминин, эң негизгиси, жалпы орто билим берүүнүн өнүгүүсүндө такай жаңыланып туруусун, кеңейтилишин камсыз кылуу болуп саналат.

Үзгүлтүксүз билим берүү биздин мамлекетибиз эгемендүүлүккө ээ болгонго чейин эле жүргүзүлүп, бир топ маселелер боюнча иштер алынып барылган. Бирок, Кыргызстан эгемендүү республика болгондон кийин билим берүү системасына өзгөчө көңүл бурулуп, башкача айтканда үзгүлтүксүз билим берүү балдар бакчасынан баштап терең окутулуусуна бара-бара ыңгайлуу шарттар түзүлүп келүүдө. Орто мектептерде кээ бир сабактарды тереңдетип окутуу максатында гимназия, лицейлик класстар ачылган. Бирок, заман талабына ылайык бүгүнкү күндө жалпы орто билим берүүчү мектептерде үзгүлтүксүз билим берүүнүн деңгээли мындан да жогору болушу зарыл. Мектептерде окутуу жана тарбиялоонун усулун, азыркы күндөгү технологиянын натыйжалуулугун арттыруу негизги милдет болуп саналат. Ал мугалимдин билим берүүдөгү жекече чыгармачылыгы, өзүнүн предметин терең өздөштүрүүсү, педагогикалык-психологиялык көз карашынын жогорку деңгээлде калыптанышы менен тыгыз байланышкан.

Билим берүү жөнүндө мыйзам — билим берүү тармагын уюштуруунун, башкаруунун жана анын иштөөсүнүн негизги принциптерин белгилөөчү, аларды ишке ашыруунун укуктук базасы катары кызмат өтөөчү укуктук акт. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы 1992-жылы кабыл алынган. Бул мйызамга 1997-жылы өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Ал эми 2004-жылы Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» жаңы мыйзамы кабыл алынган [1].

Демек, кабыл алынган бул мыйзамдар республикада билим берүүнүн мазмунунун жаңы багытын белгилеген саясий, юридикалык документ болуп калган. Анда билим берүүнү гумандаштыруу, улуттук жана бүткүл адамзатка тиешелүү баалуулуктардын негизинде балдардын өсүп чоңоюшун, билим берүүнүн үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу каралган.

Мунун башкы максаты баланы өстүрүү, окутуп-тарбиялоо эң негизгиси “Инсандык” касиеттерин калыптандыруу болуп эсептелет. Балдарды жөндөмдүүлүктөрүнө жараша алардын өсүп-өнүгүүсүн камсыз кылуу, окууга болгон кызыгуусун арттыруу, окуу жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу, окуу ишмердүүлүгүн ык-машыгууларын бекемдөө, эсептөөгө, окууга, жазууга көнүктүрүү, жөнөкөй теориялык билимге ээ кылуу, сүйлөө, жүрүм-турум маданиятына, таза жашоого тарбиялоо” – булардын баары биригип келип ар тараптан өсүп-өнүккөн билимдүү балдарыбызды келечеке даярдоо болуп саналат..... Бирок, ушул милдеттер үй-бүлөдө, мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде, кээ бир орто мектептердин өз ишмердүүлүгүндө жакшы жолого коюлбай жаткандыгы бүгүнкү күндөгү ачуу чындык. Бул проблеманын азыркы учурдагы актуалдуулугунун себеби адатта үй-бүлөөдө, бала бакчаларда, орто мектептерде мугалимдер окуучуга тарбия, билим берүүдөн

мурда алардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен алардын интеллектуалдык, педагогикалык-психологиялык өнүгүүсүнө да негизги көңүл борборун буруусу зарыл.

Бул маселелерди чечүүдө биз бир гана үй-бүлөө, орто мектептерди эмес, жалпы коомчулукту бардык тармактагы, бардык жаш муундагы профессионалдуу адистерди тартуу мезгил талабы болушу керек. Үзгүлтүксүз билим алуу, терең, сапаттуу билим алуу ар бир адамдын өзүнө да көз каранды. Тактап айтканда билим алуунун мобилдүүлүгүнө, эмгекти сүйүүсүнө, инновациялык жана интерактивдүү жаңы технологиялардын жардамында ар тараптуу маалымат алуусуна, чыгармачыл мүнөзүн өстүрүү жөндөмдүүлүгүнө, билимин ар дайым өнүктүрүп жогорулатып туруусуна байланыштуу болот.

Адегенде акыл-эс, ыйман-парасаттык тарбиялоонун негизи- баланын биринчи күндөн баштап эле, үй-бүлөдө татыктуу тарбия алышы менен биргеликте, мектепке чейинки билим берүүчү уюмдарда бекемделет [2]. Бирок, тарбиялоо жөнүндөгү талаптар, керектөөлөр жана тажрыйбалар бүгүн эле пайда боло калган жери жок, ал улут пайда болгонго чейин эле пайда боло баштаган. Алсак, алгачкы учурларда ата-бабаларыбыздын эрежеге айланган улууларды урматтоо-сыйлоо салтынын учугу уруулук коомдо жатат. Өткөн муундардан мурас катары калган өнөрлөрдү, турмушка керектүү жүрүм-турум эрежелерин үйрөнүш үчүн уруу коомунун жаштары уруу башчыларын, улууларды кунт коюп угушуп, алардын акыл-насааттарын, буйруктарын өзүлөрүнө үлгү катарында кабыл алышкан жана аткарышкан. Байыркы мезгилдерден тартып ушул күнгө чейин бул салт эл турмушунда бекем сакталып келе жатат же тарыхтын буурул таңында көз жарган мифтерди мисалга тарталы. Мында деле адамдардын жашоо-тиричилиги, адеп-ариетине байланышкан орошон ойлор, осуяттар мол болгон. Андыктан, улуттун улут болуп калыптанышындагы ошол руханий башаттар да чоң роль ойногонун эске ала жүрүү зарыл. Элдик педагогикалык идеялар, каада-салттар, жөрөлгөлөр элдик керектөөлөр улам пайда болот, өсөт жана өнүгөт. Биринчиден, элдин керектөөсүнө шайкеш келген рухий педагогикалык нарк-дөөлөттөр гана элдин салттуу ишенимине, идеалына айланат. Экинчиден элдин рухий практикалык, турмуштук талаптарынын улам өсүшү жаңы педагогикалык табылгаларды, тажрыйбаларды жаратат, өнүктүрүлүп өстүрүлөт. Ар бир элдин педагогикалык маданияты өздөрү жашаган тарыхый-географиялык чөйрөгө жана шарттарга байланыштуу өзгөчөлүккө ээ болот. Ал эми, географиялык чөйрө да тарыхый шарттар да бардык жерде бирдей эмес. Элдик педагогика — бул баарыдан мурда, тигил же бул улуттун социалдык турмушунун практикасы, таалим-тарбия жаатындагы нерселүү, жөрөлгөлүү иш-аракеттеринин бөтөнчө тутуму [3].

Демек, элдик педагогика тарбиялоо, билим берүү жаатындагы акыл-ойлордун, ишеним идеалдардын гана уюткусу эмес, ал баарыдан мурда, ошол идеалдарды калыптандырууга багытталган элдин практикалык педагогикалык иш-аракеттерин өз ичине камтыган өзгөчө феномен [4].

Окуу жана тарбиялоо процесси өтө татаал процесс. Агайгиликтүү жетекчилик кылуу үчүн ар бир тарбиячы баланын психологиялык жактан жетилип, социалдык инсанга айлануу мыйзам ченемдүүлүктөрүн өз учурунда жакшы билүүгө тийиш. Ошондуктан, окутуу–тарбиялоо процессин жемиштүү уюштурууну каалаган ата–эне жана мугалим, адегенде тарбиялай турган баланын табиятын жакшы билүүсү абзел. Тарбияланып жаткан ар бир бала, окуучу табият берген кайталангыс шык, жөндөмдүн физиологиялык, биохимиялык таламдарына ээ. Мындай ген аркылуу берилген интеллектуалдык, эмоционалдык функциялар өзүнөн-өзү өнүгүп, өзүн-өзү жөнгө салат [5].

Биздин ата–бабаларыбыздын педагогикалык даанышмандыгы таң калаарлык. Алар жогорудагыдай тарбиянын купуя сырларына ой калчоо менен эле илимий негизде, өтө чеберчилик менен уюштура билишкен. Энелер балдарын, небере – чеберелерин коюнуна

катып алып, эркелетип, ойнотуп олтуруп эле жомок, болмуш, табышмактуу окуяларды көркөмдөп, элестүү, эмоцианалдуу кылып айтып берүү менен балдардын сезимин ойготуп, ой чабыттарын өрчүтүп, элдин интеллектуалдык потенциалын бийик көтөрүшкөн.

Кыргыз Республикасында өзүнүн эгемендүүлүгүн алгандан бери жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо багытындагы иш-чараларды кайрадан карап чыгуу, аларды коомдогу өзгөрүштөргө, замандын талабына шайкеш уюштуруу талап кылынууда. Кыргыз жаштарын мекенди сүйүү рухунда тарбиялоо маселелери “Кыргыз Республикасынын жаңы конституциясы” (2021), “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы (2003), “Жаш муундарды рухий-адептик жана патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы” (2013),“Окуучу жаштарды руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясы” (2021) сыяктуу документтерде белгиленген. Жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоо ишине тике жоопкер, эң башкы субьект - мугалим. Мекенчилдикке тарбиялоонун талаптары, мугалимдин инсандыгынын өрнөк үлгүсү аркылуу гана балдардын ишенимине айланып, чындыкка айланат. Башкача айтканда, мугалимдин кишилик нускасы, мекенчилдикке тарбиялоо ишинин ийгиликтүү ишке ашуусунун эң башкы кепилдиги. Окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоого даярдоонун милдеттери анын мазмундук-функционалдык компоненттеринде интеграцияланат. Жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоо боюнча мугалимдердин даярдыгы – бул мугалимдин окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоонун теориялык –методикалык, технологиялык негиздерин тынымсыз үйрөнүүгө умтулуу дымагы, урпактарды өз мекенинин сактоочу, коргоочу, өнүктүрүүчү анын мазмунундагы улуу нуска, улуу нарктардын үлгүсүндө тарбиялоо жаатындагы зарыл билим, билгичтик жана көндүмдөрүнүн тутуму. Жогорку окуу жайлардагы окуу процессин мазмундук, теориялык – методикалык, технологиялык жактан өркүндөтүү учур талабы болуп эсептелет.

Демек, азыркы коомдук-маданий шарттарда үзгүлтүксүз билим берүүнү андан ары өнүктүрүү жана баланы окутуп-тарбиялоодо элдик педагогиканын элементтери менен негизги принциптерин пайдалануу менен өсүп келе жаткан жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоо маселелери бүгүнкү күндүн кечиктирилгис талабы болуп эсептелет.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Асанов Ү. А. “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы: 2-том. Башкы редактору ⁄Асанов Ү. А. К 97. Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2007. 808-бет.
2. Алимбеков А. ⁄Кыргыз этнопедагогикасы.⁄Алимбеков А. I бөлүк. Бишкек – 1996-ж.
3. Волков Г.Н. Этнопедагогика.⁄Волков Г.Н. – Москва, 2000.
4. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Кыргыз педагогикасы (энциклопедиялык окуу куралы). - Б.: 2004
5. Бекбоев И.Б. – Кыргыз педагогикасы-кыргыз улутунун жүзү.⁄Бекбоев И.Б. – Бишкек-2010.


**УДК:** 37.013.46.

## МЕЗГИЛ ЖАНА МУГАЛИМ

Мондошов Шамир Насырович Ош МПУ, педгогика илимдеринин кандидаты, доцент
.

**Аннотация**

Аталган макалада убакыттын өтүшү менен педагог адистердин заман талабына ылайык болуп өзгөрүүсү, теориялык билимге жана практикалык бай тажрыйбага ээ болуусу, мугалимдин түйшүгү оор, ары жоопкерчиликтүү экендиги, тынымсыз изденүүнү, жаңылануну, өз билимин өркүндөтүүнү талап кыла тургандыгы, мектеп үчүн чыныгы

кадрларды даярдоо жана тарбиялоо маселелери козголду. Азыркы мезгилдин мугалими кандай болууга тийиш, ага канткенде жетишүүгө болот, устат менен шакирттин орду, жалпы мугалимдердин көйгөйлөрү, аны жоюунун жолдору изилденди. Алардын социалдык абалына, жашоошартына, айлык маянасына мамлекеттик деңгээлде көңүл буруу зарыл экендиги айтылды. Чындыгында, билим берүүчү мекемелерде өз кесибин сүйгөн, билими терең, тажрыйба топтой билген, балдар менен тил табышкан мугалим гана иштей ала тургандыгы ишенимдүү баяндалды.

**Түйүндүү сөздөр:** педагог, мугалим, мектеп, ЖОЖ, окутуу жана тарбиялоо, мектеп практикасы, устат-шакирт.

## УЧИТЕЛЬ И ВРЕМЯ

**Аннотация.**

В статье рассматривается актуальные вопросы учебно-воспитательного процесса и формирования личности в условиях научно технического прогресса и глобализации. В статье особо подчеркивается роль и значение личности учителях в современном мире. В работе анализируется отношение учителя к детям, роль и значение педагога в решении важных вопросов педагога в школьной практике. Рассматривается основные актуальные вопросы и проблемы учительской профессии, в частности, требование общественности к учителям, педагогам в условиях рыночных отношений, ответственности учителей в деле воспитания и формирования учащихся, социальное положение педагогов, качество преподавания и обучения ребенка в современном мире. Особо выделяются нравственно-моральные качества личности учителя. Подчеркивается в статье о необходимости государственного подхода в подготовке и формировании личности учителя, педагога.
**Ключевые слова:** педагог, учитель, школа, ВУЗ, обучения, воспитание, школьная практика, развитие, наставник, эпоха, общество, формирование, учебно-воспитательный процесс.

## TEACHER AND TIME.

**Annotation.**

The article discusses topical issues of the educational process and personality formation in the conditions of scientific and technological progress and globalization. The article emphasizes the role and importance of the personality of teachers in the modern world. The paper analyzes the attitude of the teacher to children, the role and importance of the teacher in solving important issues of the teacher in school practice. The main topical issues and problems of the teaching profession are considered, in particular, the requirement of the society for teachers, teachers in the conditions of market relations, the responsibility of teachers in the upbringing and formation of students, the social status of teachers, the quality of teaching and learning of a child in the modern world. The moral qualities of the teacher's personality stand out in particular. It is emphasized in the article about the need for a state approach in the preparation and formation of the personality of a teacher.
**Keywords:** teacher, school, university, training, education, school practice, development, mentor, era, society, formation, educational process.

Замандын өзгөрүшү дейбизби, мезгил талабы дейбизби, айтор, коомдо көз ирмемдеги олуттуу өзгөрүүлөр, тынымсыз жаңылануунун талап кылып жаткан маселелер өтө арбын. Ошолордун катарында билим берүү тармагы, анын ичинде, бүгүнкү күндүн мугалими, педагогу кандай болушу керек деген ой көпчүлүктү кайдыгер калтырбаса керек. Учурдагы абалыбыз коомдун күзгүсүнөн кандай көрүнөт деген суроону ар бир мугалим өзүнө коюп, ага жооп издеп көрдүкпү?

Чыныгы педагогдун жүрөгүнөн бул суроо орун албай койбойт. Ооба, мындай суроону коюп көрдүк, бирок баш-аягы жок, туңгуюк. Эгер анын жообу табылган болсо, мугалимдин коомдогу орду эбак аныкталмак. Коомдун күзгүсү болгон мугалим кандай болсо, анын окуучулары да ошондой болот, тагыраагы, эртеңки коом ошондой болот. Ошондуктан биз, жогору окуу жайларынын мугалимдери, 4-5 жылда кандай адамды, кесиптин ээсин тарбиялап жаткандыгыбызды билишибиз керек. Эгер буга көңүл бурбасак, анда улуу

педагог В.А. Сухомлинский айткандай: “Тарбиялоо иши жөнөкөй бир көз салып коюуга, тарбиячы сабатсыз бала баккычка, ал эми педагогика эмчи-домчулукка айланып кетмек”. [3,15] А чындап эле айланып кетсе, анда мектеп жан баккан, эптеп акча тапчу бир кемпайлардын “бош убакытты өткөрүүчү жайы” болмок, ал эми педагогдор байыркы Грециядагы кул ээлеринин балдарын сейилдетүүчү кулдарга айланмак. Мындай көрүнүшкө айланбас үчүн чыныгы мугалим кандай болууга тийиш?

Эгемендүүлүккө жетишип, базар экономикасына өткөн мезгилде мугалимдер да башкалардай болуп көр тириликтин айынан акча артынан кубалап, базарчы, коммерсант, колунан келбегендери күнүмдүк оокат үчүн камокчу да атка конушту. Мектептерде эл айткандай жалаң фанат мугалимдер менен колунан соода кылуу келбегендер, келечектен үмүтүн үзбөгөн “Дүйшөндөр” гана калышты. Түшүнгөнгө баа жеткис эрдик эле, анткени алар замандын оор жүгүн көтөрүштү, моюн сунуп чыдашты. Ошон үчүн убагында эч бааланбаган эрдик болду. Айрымдары мектептин ишин “тынч иш” деп түшүнүшөт. Түшкө чейин сабак өтүп, түштөн кийин бошсуң деген чолок ойдон улам кыздарын, азыраак болсо да уулдарын мугалимдик кесипке окуткандар да бар. Чынында мугалимдикке такыр шык-жөндөмү жок, ал эмес, ниети жок, бирок жалпы республикалык тестирлөөдөн эптеп 110дон жогору балл алгандар кокусунан келип калып жатышпайбы. Тилекке каршы, өз каалоосу менен келгендери аз кездешет.

Эт менен челдин ортосунда жүргөн мугалимдер өз ыктыяры менен мектептен кетишсе, же мугалимдик кесиптен баш тартышса, балдардын келечеги үчүн зор салым кошкон болор эле, аттиң, анте алышпайт!

Бул көрүнүш – жаңылыштык. Деги эле мугалим болуп кайда иштебесин, эч качан тынчтык жок. Сабак болобу, коомдук ишпи, тарбиялык ишпи, балдар менен, ата-энелер менен сүйлөшүүбү, айтор, мугалимде тыным жок. Такыр болбогондо, мааниси жок жолугушууларга, майрамдык салтанаттарга айдап барышат. Анысы аз келгенсип, “чоңдор” келатышат деп жол тосконго, жаз келди деп көчө шыпыртканга да окуучулары, студенттери менен кошо мугалимдерди пайдаланышат.

Эсимде, студент кезимде да, 41 жылдык мугалимдик ишимде да жогоркудай окуяларга күбө болуп келем. Советтик доор өттү, эгемендүү эл болдук деген күндө да эскинин шарданы менен азыркы кезде да майрамдарда мектеп окуучуларын, студенттерди сабактардан бошотуп, борбордук аянттарга чогултуп, аларды бийлетип, шаан-шөкөттөрдү өткөрүп келебиз. Бул “байкуштардын” жол кireси, жол коопсуздугу менен иштери жок “чоңдордун”. Буйрукту чыгарып, токтомду токушуп, жетекчилерге кармата салышат.

Алардын окуу пландары, сабактары, практикасы, баарын бириктирсек – билими эмне болгону менен иштери жок, уруп да ойнобойт. Казынасы кайышып турган мамлекет бул “байкуштарды” бекер күч катары пайдаланышат.

Кесибин сүйгөн чыныгы мугалимге мектеп, окуу жайлар тынч жай эмес, а жалкоолорго күн өтсө каниет, журналды толтуруп коюшуп жүрө беришет.

Жогорку ойлордон улам мугалим коом алдында моралдык жана кесиптик жоопкерчилик жактан жогору туруш керек дегим келет. Мектептин мугалими окуучуларына, ЖОЖдун окутуучусу студенттерине чыныгы устаттыктын жолун көрсөтүүгө милдеттүү.

Устат – шакирт маселеси – оор иш. Анткени устаты бар билгенин үйрөткүсү келсе, шакирти үйрөнгүсү келбейт, же тескерисинче, шакирти чын ыкласын коюп билим алгысы келсе, устаты тиешелүү билим бере албайт. Балээнин баары экөөнүн тең кызыгуулары, аракети, жоопкерчилиги жоктугунда болуп жатпайбы...

Кана эми, устаты менен шакирти дал келип, бир кемеге түшүп калса.

Устат – шакирт боюнча бир икая эсиме келет. Баласынын устаты үйүнө келип калса, чай ичүүгө аттан түшүргөн атасы баласына: “Тамдын үстүнөн отун алып түшүп, чай кайната кой”, - деп кирип кетет. Чай кечигет. Атасы сыртка чыкса, али от жагылбаптыр. Бул кандай кылганы деп таңыркаган атасына баласы: “Ата, отун тамдын үстүндө, а устатым тамдын

ичинде отурса, мен кантип устатым отурган тамдын үстүнө чыгып отун алайын" [2, 144], - деп жооп бериптир.

Мына, устатты урматтоо деген! Ошол шакирт кадимки атактуу олуя – табып Абу Али Ибн Сина болчу. Бул – чыгыш педагогикасынын элдик таалим – тарбиясы!

Көзүм менен көрүп, кулагым менен көп жерден угуп жүрөм, биздин (азыркы Ош МПУнун) шакирттерибиздин окуткан мугалимдерине болгон сый – урматы зор. Жакшы саламын айтышып, таза ыраазычылыгын жолдоп калышса, аябай сүйүнөт экенсиң. Мугалимге мындан өткөн бакыт жок.

Бирок турмуш деген турмуш, ал–өзүнүн татаалдыгын, карама-каршылыгын көрсөтпөй койбойт. Ошондо чыныгы мугалим ар кандай татаалдыкты нукура педагогдук чеберчилиги, адамдык асыл сапаттары, бийиктиги, сабырдуулугу жана ишке чыдамдуулугу менен жеңиши керек.

Өндүрүшчүлөр товардын мыктылыгын өндүрүштө сынагандай, биз студент-шакирттерибизди мектеп практикасында сынайбыз, такшалтабыз. Жашырганда не, айрымдары практикада сабак өтө алышпайт, чындап сурасаң, эртең мугалим болуп иштебей турганын айтышат, ал окууну бүтсө болду. Кайран гана өмүр, кайран гана убакыт...

Андайлардын иштебей койгону дурус деп баалайм, анткени алар уяты, намысы жол бербегенин сезишет.

Биздин арабызда да кезигет, беш кол тең эмес. Эгер чындап эле мугалим болом десе, ЖОЖду бүткөн соң, мектеп казанында бир кайнап келишсе, жакшы болмок. Окуу программаларындагы материалдарды өздөштүрүп, пайдалуу тажрыйбаларды топтоп келишмек. Кептин чыны, жаңы бүткөндөрдү лаборант же башка ишке алып калып, анан аларды тарификациялоодон баштап "дежурный" мугалим катары пайдаланып, мектепти көрө элегинде, теориялык билимди практикада бекемдей элегинде окутуучулук кызматка өткөрөбүз. Мен муну көп жылдык тажрыйбамдан улам билем. Мектеп практикасы демекчи, анын да адистерди даярдоодо жана жаш муундарды тарбиялоодо опол тоодой орду бар. Окуу планына ылайык биздин студенттер практиканын бир топ түрлөрү боюнча мектептерге барышат. Усулчу-жетекчилер жобого таянып, түшүндүрмөлөрдү беришет, класстарга бөлүшөт.

Байкаштырсак, аткарчу иштери, иш кагаздары ойдогудай, баары жакшы. Бирок мени ойлондурган маселе-башка. Студент-практиканттарыбыздын теориялык, методикалык билимдери жетиштүүбү? Эгер жетиштүү болсо, анда эмнеге мектептен коркушат? Ар кайсы шылтоолорду таап, сабак өтүүдөн качышат.

Себептери эмнеде болушу мүмкүн...

Жогоруда айткандай, балким, мугалимдик кесипке кокусунан келип калышкандан эмеспи? Же аз айлык алышкан мектеп мугалимдери өзүнө бөлүнгөн студент-практикантка бардык сабактарын жүктөй салып, аларды тажатышкан жокпу? Жазуу жумуштарын тынымсыз текшерткенби? Сабагы бар экенин билип туруп, шылтоо таап, практикага барбай койгонун, тийип-качып күн өткөргөнүн да көрүп жүрөм. Консультацияга келмек турсун, колунда окуу китептери жок. Окуу программасындагы коюлган компетенттүүлүктөрдү мындай кой, анын кызматы эмне экенин билбегендерди да жолуктурдум. Ооба, методикадан окуткандай, көрсөткөндөй эле болдук, бирок натыйжа биз ойлогондой эмес.

Мындай көрүнүштөрдөн кутулууну, уялбай айтайын, төмөнкүлөрдөн көрөм: биринчиден, күнүмдүк жашоосуна эмес, пенсияга чыкканда да ойлонбой, коркпой жашай турган айлык акы бериш керек; мурдараак башталгыч класстардын мугалимдеринин ставкасы 16 саатка түшүп, айлык акысы жогорулатылгандыктан, бул адистикке тапшыргандар көбөйдү, башка адистикте окугандар да которулушту; чет элден (Өзбекстандан) келип тапшыргандардын көпчүлүгү башталгыч класстардын мугалими болгусу келишет; демек, "кеп айлыкта эмес" деп патриот болуунун кереги жок. Үстүбүздөгү жылдын апрель айынан Президенттин Жарлыгы менен айлык акылардын жогорулашын

уккан мугалимдер да, болочок студенттер да кубанып турган чагы, буюрса, сандыкта жаткан дипломдордун чаңын тазалап, иштей турган күн алыс эмес. Арасат ойдо жүргөн студенттерибиз да чындап мугалим болгусу бардыр.

Экинчиден, мугалимдик кесипти чын дилинен сүйүш керек, бала кезинен эле “мен келечекте мугалим болом” деп, сыймыктануу менен айта тургандай шарт түзүү керек. Японияда мугалимдердин кадыр-баркы өтө жогору экен, ага мамлекет абдан көңүл бурат. Мектепке жумушуна келбей коюу эмес, кечигүүгө мүмкүн эмес экенин жоопкерчилик менен сезишет. Жолдо келе жатып машинасы бузулуп калса, ошол жерге калтырып, такси менен келишет. Бузулган машинанын да, таксинин жол киресин да мектеп төлөйт экен. Ырас, биз эми аларга тең келе албайбыз, бирок аракет кылуубуз керек!

Үчүнчүдөн, азыркы мугалим социалдык-турмуштук бүгүнкү суроо-талаптарды, өспүрүмдөрдүн кызыгууларын, керектөөлөрүн жана муктаждыктарын ачык-айкын аңдап билүүгө тийиш. Ошондой эле билим берүү тармагындагы алда канча актуалдуу болуп жаткан маселелер боюнча жаңылыктарды ыкчам түрдө өздөштүрүүгө жетишкени дурус.

Азыркы мугалим изденүүчү, өзүн-өзү таанып-билүүгө өзүн-өзү аныктоого жана реализациялоого умтулган адамды калыптандырууга өбөлгө түзгөн окутуунун технологияларын колдоно билүүсү зарыл.

Төртүнчүдөн, мектеп мугалимдеринин 75% аялдар болсо, 25% эркектер түзөт. Демек, орто мектептерде кесипке багыт берүү ишинде уландарды педагогикалык кесипке үгүттөө жана жогорку окуу жайларга кабыл алууда аларга артыкчылык берүү эп болор.

Бешинчиден белгилүү педагог, профессор Исак Бекбоев агайдын пикири боюнча мугалимдерди даярдоодогу окуу жайларда окула турган эки түрдүү педагогика бар экенине, алардын бирөө китепте жазылган педагогика, муну өмүрүндө бир да сабак бербеген адис деле окута ала турганына, экинчиси-турмуштук педагогика, ал эми мунусун окутуу ар бир эле адистин колунан келе бербестигине, буга илимий даража жана илимий наам да жардам кыла албастыгына ишенүүбүз керек. Демек, ЖОЖдордо турмуштук педагогика окутулууга тийиш.

Ош МПУнун ректору, педагогика илимдеринин доктору Б.Б. Зулуевдин шаардын мектептеринде, мугалимдердин билимин өркүндөтүүчү институтта иштегендиги, биз сыйлаган С.Мадраимов агай, З.Абдывасиева, М.Жумабаев, Ж.Гедейбаев, Г.Өмүралиева, Г.Бакиевалар, кесиптешим К.Жаанбаева, өзүм да жана башкалар мектептерде иштеп келгендигибиз далил боло алат.

Айтайын дегеним, билим берүүчү мекемелерде өз кесибин сүйгөн, теориялык билими терең, татыктуу тажрыйбага ээ болгон, шакирттерине үйрөтүү менен бирге өз билимин тынымсыз өркүндөткөн, балдар менен жуурулушуп тил табышкан мугалим гана иштеши керек. “Өзүн сыйлабаган, өзгөнү сыйлап жарытпайт”, - дейт элибиз! Мугалимдин кадыр – баркына коюлган азыркы негизги талаптардын бири – моралдык талап. Ал рухий жан дүйнөсү бай, жүрөгү таза, акыл-эси тунук, замандын үлгүсү да, күзгүсү да болууга тийиш.

Чыныгы мугалим болгуң келсе, педагогикалык салтты сыйлоо жана аны өнүктүрүү ар бирибиз үчүн парз болуусу абзел.

Салттуу педагогиканын, элдик педагогиканын мыкты үлгүлөрүн танбай, жаңы заманбап усулдарды өздөштүрүп, аларды айкалыштырып колдонуу натыйжага жеткирет.

Мугалим өзүнүн көз карашын гумандуулукка өзгөртүп, окуучуга орой мамиле жасабай, анын кеңешчиси, керек болсо сырдаш досу, ишенген адамы болууга тийиш. Учурдун таланттуу мугалими жагымдуу жагдай түзүүчү болуп, окуучу мектепке коркпой келип, сүйүнүп кетүүгө өбөлгө жаратуучу адам болгону оң. Балдардын жан дүйнөсүнө сүңгүп кире албаган мугалим сабак өтө албайт, өтсө да окуучу да эч нерсе эсте калбайт.

Ушинтсе гана кадыр-барктуу болот мугалим, башка жолу жок. Көп айлык акы алган мугалим эмес, көп шакирттерди өстүргөн, кылган эмгегин милдет кылбаган, окуучунун

бүтүндөй жан дүйнөсүн алаканга салгандай көрө билген мугалим барктуу да, наркутуу да болот.

Бүгүнкү күнү мамлекетибиз социалдык чөйрөдө иштегендердин, анын ичинде, мугалимдердин да айлык акыларын көтөрдү. Бу да болсо алардын жашоосуна, иштөөсүнө стимул түзөт. Эгер мектеп мугалимдерине усулдук колдонмолорду, окутуу каражаттарын мамлекеттин эсебинен каржыласа, алар үчүн сый-урмат артмак. Мындай күндөр да алыс эмес чыгар!

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Мамбетакунов Э., Сияев Т. Педагогиканын негиздери. Бишкек – 2008-ж.-5-бет. “Айат”басмаканасы
2. Мурзаев Н. Алптардын айтышы. “Улуу тоолор” басмаканасы. Бишкек, - 2014-ж. 140-152-беттер
3. Сухомлинский В.А. Тарбия жөнүндө. Фрунзе шаары, 1985-ж. 15-бет
4. Рысбаев С.К.. Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги. “JAK PRINT” басмаканасы. Илимий басылма. Бишкек шаары, - 2014-ж. 5-10-беттер.
5. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. Монография. Бишкек. – 2009. “Турар” басмаканасы. 259-278-беттер.


**УДК** 796.797.4

## БАЛДАРДЫН ЭРКТИК-МОРАЛДЫК САПАТТАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ ФУТБОЛДУН РОЛУ

Мукумбек уулу Майсалбек – Ош мамлекеттик университетинин магистранты
Изамаматов Акматали – Ош мамлекеттик университетинин доценти,
E-mail: talant_22@bk.ru

**Аннотация**

Бул макалада футболдогу кыймыл ылдамдыгынын балдардын ден соолугун чыңдоодогу таасирине талдоолор жүргүзүлгөн жана анын денесинин өнүгүүсүндөгү ролу аныкталган. Футбол оюнунун коомдогу дагы бир жогорку социалдык мааниси бул анын дене маданияты менен спорттун пайдалуулугун кеңири жайылтуучу жана пропагандалоочу, жаштарды мекенин коргоого даярдоочу жана патриоттуулукка тарбиялоочу күчтүү курал жана каражат экендигинде болуп саналат.

Футбол адам баласынын күнүмдүк турмушуна, эмгектенүүсүнө керектүү ар түрдүү кыймыл-аракеттерге, көптөгөн координациялык жана атлеттик татаал конүгүүлөргө бай болгондуктан, бул оюн менен машыккандардын ден-соолугу чың болуп, алар башкаларга салыштырмалуу күчтүү, шамдагай, чыдамкай жана кайраттуу болушат. Мунун ар бири футболчулардын оюн ишмердүүлүгүнүндө өзгөчө роль ойнойт, анын үстүнө пайда болгон ар бир форма өз алдынчалуулукка ээ. Ал эми бул ылдамдыктын түрлөрү – атайын багытталган эмгекти талап кылат.

**Ачкыч сөздөр:** футбол, дене тарбиясы, кыймыл ылдамдыгы, кыймыл реакциясы, сенсордук фаза, премотордук фаза, мотордук фаза.

## РОЛЬ ФУТБОЛА В ФОРМИРОВАНИИ НРАВСТВЕННО-ВОЛЕВЫХ КАЧЕСТВ ДЕТЕЙ

**Аннотация**

В данной статье анализируется влияние скорости движений в футболе на здоровье детей и выявляется ее роль в развитии организма. Еще одно высокое социальное значение футбола заключается в том, что он является мощным средством и средством распространения и пропаганды благ физической культуры и спорта, подготовки молодежи к защите Родины и воспитания патриотизма.

Футбол богат разнообразными занятиями, необходимыми для повседневной жизни и работы, а также многими координационными и спортивными упражнениями, чтобы те, кто занимается этой игрой, были здоровыми, сильными, ловкими, терпеливыми и смелыми. Каждая из них играет особую роль в игре футболистов, и каждая форма имеет свою самостоятельность. И эти типы скоростей требуют специализированной работы.

**Ключевые слова:** футбол, физическая культура, сокорость движения, реакция движений, сенсорная фаза, премоторная фаза, моторная фаза.

## THE ROLE OF FOOTBALL IN FORMING CHILDREN'S MORAL-VOLITIONAL QUALITIES

### Annotation

This article analyzes the influence of the speed of movements in football on the health of children and reveals its role in the development of the body. Another high social significance of football lies in the fact that it is a powerful means and means of disseminating and promoting the benefits of physical culture and sports, preparing young people for the defense of the Motherland and instilling patriotism.

Football is rich in various activities necessary for daily life and work, as well as many coordination and sports exercises, so that those who play this game are healthy, strong, agile, patient and courageous. Each of them plays a special role in the game of football players, and each form has its own independence. And these types of speeds require specialized work.

**Key words:** football, physical culture, movement speed, reaction of movements, sensory phase, premotor phase, motor phase.

Дене тарбиясы жана спорт адамдын ден соолугуна жана ишмердүүлүгүнө, баалуулуктар багытына оң таасирин тийгизгени белгилүү. Тилекке каршы, статистикалык маалыматтар боюнча биздин республикабызда калктын 6–8 ден төмөн пайызы гана дене тарбиясы менен дайыма машыгат, ушул эле учурда экономикалык жакшы өнүккөн өлкөлөрдө бул көрсөткүч 60% га жетет [3, 2-8-бб.].

Футбол менен алектенүү балдарга чымыр денелүү, шыңга бойлуу, сымбаттуу жана тулку бою келишкен турпатка ээ болуу менен бирге, алардын эстетикалык табитин да жогорулатып, көркөм жана чыгармачыл табиятка жетишүү мүмкүнчүлүгүн жаратат [4, 14-б.].

Машыгуу жана ойноо аракеттери көнүгүүчүлөрдүн организмине тандалма да жана көп тараптуу да, таасир берет, оюнчулардын ылдамдыгын, шамдатайлыгын, чыдамкайлыгын, ийилчээктигин тарбиялоо менен бирге алардын функционалдык мүмкүнчүлүктөрүн да жогорулатып, жаны жөндөмдөрдү жана көндүмдөрдү калыптандырат. Ар кандай климаттык жана метеорологиялык шарттарда жыл бою футбол менен машыгуу адамдардын денесинин чымыр жана чын болушуна, ар кандай ооруларга, сырттан болуучу таасирлерге чыдамдуу чыйрак болууга жана, ошондой эле, организмдин ийкемдүү, көнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн күчөтөт. Ошондой эле, туура жашоого, турмуш, эмгек, окуу-тарбия, спорттук жашоо эрежелерине тарбиялайт. Бул күндөлүк турмушта сергек өмүр сүрүүгө жана кесиптик- чыгармачылык менен узак жашоону шарттайт. Оюндун жогорку эмоционалдуулугу жана анын мелдешүү мүнөзүндө өтүүсү, эркин чыгармачылык эргүүнү жаратып, ал эң таасирдүү эс алдыруучу жана көңүл ачтыруучу жагдай катары каралат [1, 48-б.].

Футбол адам баласынын күнүмдүк турмушуна, эмгектенүүсүнө керектүү ар түрдүү кыймыл-аракеттерге, көптөгөн координациялык жана атлеттик татаал конүгүүлөргө бай болгондуктан, бул оюн менен машыккандардын ден-соолугу чың болуп, алар башкаларга салыштырмалуу күчтүү, шамдагай, чыдамкай жана кайраттуу болушат. Ошондой эле, футбол менен дайыма машыгып жүргөндөр өзүлөрүнүн күнүмдүк жашоосуна, сергек узак өмүр сүрүүсүнө таасир кылуучу баалуу билгичтиктерди жана көндүмдөрдү ылдам жана жогорку иайдалуулукта өздөштүрө алышат. Машыгууларда алынган жана үйрөнгөн футболдук кыймыл-аракеттер менен көндүмдөр адамдарга турмуштун ар кандай жагдайларында, кырдаалдарында туура жол таап кетүүгө жана өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн өндүрүмдүү колдоно алуусуна да өбөлгө түзөт [1, 54-б.].

Футбол дене тарбия жана спорт системасынын бардык тармактарында жана спорттун башка түрлөрүнө спортчуларды даярдоодо кошумча каражат катары да кеңири колдонулат. Анткенй, ал спорт- чулардын жалпы физикалык даярдыгын жогорулатуу ирээтинде эле эмес, алардын тактикалык ой жүгүртүүсүн, функционалдык мүмкүнчүлүктөрүн жана керектүү атайын дене турпаг сапаттарын жакшыртуучу, ошондой эле, эрктүүлүккө, адептүүлүккө тарбиялоочу дене маданиятынын эн баалуу каражаты катары да пайдаланылат.

Футбол бардык курактагы жаштардын арасында жогорку сүймөнчүккө ээ жана алардын эң жакшы көргөн, урматтаган спорту. Өзгөчө мектеп жашындагы өспүрүмдөрдүн арасында аябагандай популярдуу. Кийинки кездерде футбол кыздардын дагы эң сүйүктүү оюну болуп калды [6, 31-б.].

Учурда жалпы билим берүү мектептеринин, лицей, коллеждердин, атайын орто жана жогорку окуу жайларынын дене тарбия сабагынын программаларында футбол оюнун окутуу кийирилип, анын техникасы жана тактикасын үйрөтүүгө атайын убакыт каралган. Мындан тышкары бул окуу жайларда окуучулар жана студенттер үчүн атайын кошумча футбол секци- ялары уюштурулган. Футбол секциялары жана клубдары жаштар жашаган жерлерде жана алар эмгектенген ишканаларда, мекемелерде да кенири орун алган.

Ал эми жаш футболчуларды даярдоо өлкөбүздөгү өспүрүмдөрдүн спорт мектептеринде, олимпиядалык резервдердин атайын спорт окуу жай- ларында, футбол борборлорунда, балдардын футбол мектептеринде жана спорттук жатак жайларында жүргүзүлөт. Мындай таланттуу жаш футболчуларды даярдоо азыркы учурда республикадагы спорттук мектептердин, борборлордун, клубдардын жана окуу жайларынын жүздөн ашык футбол бөлүмдөрүндө ишке ашырылууда.

Футбол оюнунун коомдогу дагы бир жогорку социалдык мааниси бул анын дене маданияты менен спорттун пайдалуулугун кеңири жайылтуучу жана пропагандалоочу, жаштарды мекенин коргоого даярдоочу жана патриоттуулукка тарбиялоочу күчтүү курал жана каражат экендигинде болуп саналат.

Ылдамдык – бул оюнчунун эң кыска убакыттын ичиндеги жогорку тездикте кыймылдык аракетти аткаруу жөндөмдүүлүгү. Ылдамдыктын пайда болушунун төрт формасы бар [4, 49-б.]:

- реакция кылуунун убактысы;
- жалгыз кыймылдын убактысы;
- кыймылдардын максималдуу жыштыгы;
- кыймылдын башталышынын тездиги.

Футболчунун ылдамдык мүмкүндүкторү оюн ишмердүүлүгүндө тездик формаларынын комплекстүү пайда болушу менен шартталган. Футболдо ылдамдык – бул бир гана оюн талаасындагы бат которулуп же чуркап жүрүү эмес, ал футболчунун ойлонуусунун тездиги, ошондой эле топ менен иштөө ылдамдыгы.

Максималдуу ылдамдыкта футболчунун чуркашында эки фазаны белгилөөгө болот: ылдамдыкты жогорулатуу фазасы (күүлөнүү фазасы) жана аны салыштырмалуу турукташтыруу фазасы.

Биринчи фаза старттык ылдамдануу, экинчиси – аралыктагы ылдамдануу менен мүнөздөлөт.

Футболчунун ылдамдык сапаты старттык күүлөнүүдөгү ылдамдыктан, абсолюттук ылдамдыктан, серпилгич-токтоп калуу аракеттин ылдамдыгынан, техникалык ыкманы аткаруу ылдамдыгынан жана бир аракеттен экинчи аракетке өтүп кетүү ылдамдыгынан топтолот.

Мунун ар бири футболчулардын оюн ишмердүүлүгүнүндө өзгөчө роль ойнойт, анын үстүнө пайда болгон ар бир форма өз алдынчалуулукка ээ. Ал эми бул ылдамдыктын түрлөрү – атайын багытталган эмгекти талап кылат.

Футболчунун оюн аракетинин жыйынтыгы көпчүлүк учурда чабуулчунун канчалык тез саксактап туруучудан кутулуусуна, ал эми коргоочунун – форвардды канчалык тез кармап калуусуна көз каранды болот. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, футболчулар максималдуу ылдамдык менен чуркап өткөн футболдогу негизги аралыктар 7-15 м ден 20-30 м ге чейинки кесиндини түзөт. Ошондуктан оюнчунун ылдамдыкты тез алуу жөндөмдүүлүгү өтө маанилүү жана пайдалуу. Старттык күүлөнүүдөгү ылдамдык арыштын жыштыгына жана узундугуна, ошондой эле жерден түртүлүүдө таяныч реакциясынын убактысына да көз каранды [2, 21-б.].

Эреже боюнча футболчу тубаса ылдамдыгын алгачкы 10-15 м де колдонот. Ошол эле мезгилде, анча жаман эмес абсолюттук ылдамдыгын 15 метрдик бөлүктө да пайдаланат, бирок, ал бул абалын көпкө чейин кармап тура албайт. Оюн кырдаалдарында көпчүлүк учурда чуркап келгенден кийин ылдамдатуу максималдуу ылдамдыгына тез эле жетет жана аны 50-60 м аралыкка чейин сактап кала алышы керек. Бирок ошондой болсо да футболдун өзгөчөлүгү спортчунун чуркоо мүнөзүн шарттап турарын унутпоо зарыл. Оюндун жүрүшүндө спортчуга дароо тык токтоп калууга жана кайрадан каалаган бурчтукта алгачкы кыймылын баштоого туура келет [2, 24-б.].

Өзүнүн денесинин инерциясын тез жеңе алуу мүмкүндүгү менен байланышкан бардык аракеттер буттун булчуңдарын чегинүү - өздөштүрүп кетүү режиминде иштөөгө мажбур кылышат. Канчалык амортизация фазасы "абдан катуу" болсо, ошончолук убакыт боюнча абдан кыска болот, жана ошончолук булчуң кубаттуу чоюлуп, футболчу керектүү багытка карай "мээлеп тебе алат". Бирок заманбап футболдун негизги талаптарынын бири – топ менен иштөөнүн ылдамдыгы, демек, ылдамдык техникасы.

Кыймылынын ылдамдыгы жана техникалык жактан жабдылышы бири-бирине дал келген футболчулар техникалык ыкмаларды жогорку ылдамдыкта баратып да аткара алышы мүмкүн жана аны оюн жагдайларына карата оңой эле өзгөртүп да кетет. Оюн шарттарында ыкмаларды абдан тез аткаруу тана эмес, көз ачып жумганча бир кыймылдан экинчи кыймылга өтүп кетүүсү да маанилүү.

Ылдамдык сапаттары бул кыймылдоо иш-аракеттерин аткарууда тездикти шарттаган жеке өзгөчөлүктөрдүн ыкмасы.

Ылдамдык сапаттары төмөндөгү бөлүктөрдөн турат [3, 19-б.]:

- Жөнөкөй жана татаал кыймылдоо реакцияларынын тездиги
- Айрым кыймылдардын тездиги, тышкы карама-каршылыктар менен коштолбогон айрым кыймылдардын тездиги,
- Кыймылдоо темпинде болгон тездик.
- Тездиктин таасирин баалоодо айырмаланат:
- Кыймылдоо реакциясынын латенттик убактысы
- Бир кыймылдын ылдамдыгы
- Кыймылдардын көрсөткүчү

Биомеханикада кыймылдоочу дененин ылдамдык динамикасы деген түшүнүк менен аралыктагы ылдамдыктын өзгөрүшүн түшүнөт.

Калган реакциялардын тобу татаал болуп эсептелет. Аларды эки түрдө карап чыгууга болот [3, 34-б.]: кыймылдап жаткан обьектке реакция жана тандоо реакциясы.

Кыймылдап жаткан обьектке реакция мында негизги мааниге тез ылдамдыкта кыймылдаган предметти көрүү жөндөмү ээ (предметтин кыймылын мурунтан болжолдоо).

Тандоо реакциясы өнөктөштү же курчап турган жагдайдын өзгөрүшүнө карата мүмкүн болгон керектүү кыймыл жообун тандоо менен байланыштуу.

Кыймылдоо реакцияларын да айырмалашат [3, 5-б.]:

1. Сенсордук фаза
2. Премотордук фаза
3. Мотордук фаза

Сенсордук фаза – белги берилген учурдан тартып булчуң активдүүлүгүнүн белгисине чейин

Премотордук фаза – булчуң активдүүлүгүнөн тартып механикалык кыймылга чейин

Мотордук фаза – кыймылдын башталышынан анын аякташына чейин.

Премотордук фаза жана мотордук фаза тассир этүүнүн латенттик убактысын түзөт. Көнүккөн сайын бул фазалар кыскарат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Джанузаков К. Ч. Футболдун теорнясы жана методикасы: Окуу кнтеби / К.Ч.Джанузаков. – Б: – 2013. – 340 б.
2. Кошалиев М.Б., Бакасов А.С. Футбол: Программа для РСДЮШОР, СДЮШОР / М.Б.Кошалиев, А.С.Бакасов. – Бишкек. – 2011. – 234 с.
3. Левин В.С. педагогические параметры тренировочных нагрузок футболистов. Учебное пособие / В.С.Левин. – Малаховка, 1997. – 356 с.
4. Мамытов А., Джанузаков К.Ч., Дене маданиятынын теориясы: Жалпы негиздери / А.Мамытов, К.Ч.Джанузаков. – Б. – 2011. – 324 б.
5. Рыжков П.А. Развитие физической культуры и спорта – приоритетное направление социальной политики государства / П.А. Рыжков // Теория и практика физической культуры. – М., 2002. – № 1. – С. 2–8.
6. Саралаев, М.К. История физической культуры и спорта в Кыргызской Республике: учебное пособие /М.К. Саралаев. – Бишкек. – 2002. – 400 с.

**УДК:** 37.036.5

## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНДА СОЦИАЛДЫК ӨНӨКТӨШТҮК

Нишанбаева Мерниса Анарбаевна ОшМПУ, окутуучу

**Аннотация**

Мектепке чейинки билим берүү жана социалдык өнөктөштүк тарбия берүүдө ар дайым өз кызматында негизги орунда деп эсептеп келишкен. Баланын руханий жан - дүйносүн өнүктүрүүдө социалдык өнөктөштүк аркылуу ишке ашырылат деп белгиленет. Көпчүлүк учурда мектепке чейинки курактагы балдарга социалдык өнөктөштүк аркылуу тарбиялоону камсыз кылуу азыркы учурдун талабы. Баланын объективдүү, жана субъективдүү себептери аныктоо менен социалдык мамилелер жүргүзүлүп келген. Бүгүнкү күндүк негизги талаптарынын бири каттары бааланып, мектепке чейинки билим берүү жана социалдык өнөктөштүк негизги орунда турат. Баланын жүрүм-туруму, жасаган мамилеси, көз карашы бул тарбиянын өнүгүү прогрессинде негизги катары эсептөөгө болот. Баланын

өсүп -өнугуусундө ата-энелер, тарбиячылар, билим берүү жактар негизги маселени чечүү жактар экенине карабастан, тарбия берүү солгундап кеткен учурлар кездешпей койбойт. Баланын дүйнө таанымы, өзүн-өзү тарбиялоосу бүгүнкү күндө көптөгөн көйгөйлөрдү жаратып келгендигин күбө болобуз. Балдардын билим, тарбия алуусу курактын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу.

**Түйүндүү сөздөр: бала, социалдык, мектепке чейинки, ата-эне, тарбия, өнөктөштүк.**

## СОЦИАЛЬНОЕ ПАРТНЕРСТВО В СФЕРЕ ДОШКОЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ

**Аннотация**

Дошкольное образование и социальное партнерство всегда считались центральными в образовании. Отмечается, что развитие духовности ребенка осуществляется через социальное партнерство в большинстве случаев предоставление образования дошкольникам через социальное партнерство является современным требованием. Одним из главных требований сегодняшнего дня является оценка письма, дошкольного воспитания и социального партнерства.Залогом развития этого образования можно считать поведение ребенка и установки. Несмотря на то, что родители и воспитатели являются залогом развития ребенка, бывают случаи, когда воспитание ослаблено.Мы видим, что мировоззрение ребенка, самовоспитание сегодня создает много проблем. Воспитание зависит от возраста ребенка.

**Ключевые слова: ребенок, социальность, дошкольный, родители, воспитание, партнерство.**

## SOCIAL PARTNERSHIP IN THE FIELD OF PRESCHOOL EDUCATION.

**Annotation**

Pre-school education and social partnership have always been considered central to education. It is noted that the development of the child's spirituality is carried out through social partnership In most cases, the provision of education to preschoolers through social partnership is a modern requirement. One of the main requirements of today is the assessment of writing, preschool education and social partnership. The key to the development of this education can be considered the behavior of the child, attitudes and attitudes. Despite the fact that parents, educators and educators are the key to the development of the child, there are times when education is weakened .We see that the worldview of the child, self-education today creates many problems. Upbringing depends on age.

**Keywords: child, social, preschool, parents, upbringing, partnership.**

Азыркы учурда мектепке чейинки билим берүү тармагында социалдык жактан кызматташтык эң керектүү экениңе карабай өзүбүзгө тиешелүү тармактар менен байланыш алсыз болуп.жатат. Анкени бала тарбиялоо процессинде социалдык абал камсыздоо негизги орунда турат. Ар бир бала тарбиялаган мекемелер балдардын керектөөлөрү негизи орунда экенин эске алуу менен билим берүү тармагында социалдык абалды жакшыртууга багытталган иш-аракет жасоо орчундуу маселе экенине ынанабыз. Көпчүлук учурда социалдык өнөктөштүк жөнүндө маалыматтарга кызматташтык негизги маселе экенине көңүл бөлүнбөй калган учурлар болот. Жашоодо ар кандай кырдаалга дуушар болгон балдарга социалдык жактан камсыздандыруу, аларга көңүл бөлүү зарыл көрүнүштөр экенинин эске алуу милдетибиз катары эсептелет. Биздин келечек муун болгон жаш өспүрүмдөргө арналган социалдык өнөктөштүк иш-аракети ар бир мектепке чейинки билим берүү мекемесинде жүргүзүү мыйзамдуу көрүнүш. Ошол эле учурда социалдык теңсиздик баланын психологиясына таасир тийгизет. Балдарга көрсөтүлгөн зордук-зомбулук бул социалдык теңсиздиктин эң алгачкы башаты. Азыркы учурда балдарга тарбия берүүдөгү социалдык көйгөйлөр негизги орунда турат. Коомдогу социалдык ар түрдүү иш жүргүзүү тарбия беруу маселелерине өз таасирин тийгизет. Анткени жашоодо ар түрдүү маселелерди өз орду менен чечүү жана камсыз болуусу баланын тарбиясында маанилүү экендигин айтып

түшүндүрүү керек. Социалдык мамилелер, социалдык керектөөлөр баланын жашоосунда эң маанилүү ролду аткарышат[1].

Мектепке чейинки өспүрүмдөрдү камкордукка алуу аларга колдоо көрсөтүү бул социалдык өнөктөштүк негизги орунда турат. Мектеке чейинки өспүрүмдөрдү тарбия берүү тармагында социалдык камсыздоо жана камкордукка алуу иш-аракети негизги ролду аткарат. Бүгүнкү күндө социалдык маселелер орчундуу экенин баса белгилесек болот. Жаш өспүрүмдөрдүн тарбиясын калыптандыруу иш-аракети аркылуу алардын тарбиясына көңүл бөлүү, камсыздандыруу жактырын эске алууга тийиш. Эгерде өспүрүмдөрдүн арасында социалдык муктаждыктар көп кездешсе, аларга татыктуу тарбия берүүгө бир топ тоскоолдуктар жаралат. Тарбия берүү тармагында социалдык адилеттүүлүк көйгөйлөрү көп кездешчү көрүнүш катары белгиленет. Коомдун өнүгүшүн камсыз кылуу жана өспүрүмдөрдүн социалдык абалын камсыздоо негизги маселе катары эсептелет. Азыркы учурда балдарды социалдык коргоо жана аларга колдоо көрсөтүү көйгөйлөрү негизги маселе боюнча калууда.

Мектепке чейинки өспүрүмдөрдү социалдык жактан тарбиялоо жана анын жашоо абалына байланыштуу экенине күбө болушкан. Мектепке чейинки өспүрүмдөр өздөрүнүн өнүгүү жолунда коом менен тыгыз байланышта болоору тарыхый мааниге ээ экендигин айтып келишкен. Балдардын коомго аралашуусуна жардам берген ар кандай оюндар жана оюнчуктар социалдык мүнөзүн көрсөтүп келген. Мектепк чейинки билим беруу жана социалдык оноктоштук баланын дуйнону корком кабыл алуусуна озун оюн эркин айтуусуна Мектепк чейинки билим беруу жана социалдык оноктоштук баланын дуйнону корком кабыл алуусуна озун оюн эркин айтуусуна негизделген[1,2].

Мектепке чейинки курактагы балдарды тарбия берүүнүн өзгөчөлүктору адамдар менен болгон мамилелерин өнүктүрүүдөгү жетишкен жактарын чагылдырып, баланын негизги мүнөзүн катыптануусуна социалдык жактан кампетенттуулугунун калыптандырууга өнөктөштүк аркылуу иш жүзүнө ашырылат. Балдарга социалдык жактан колдоо көрсөтүү, жардам берүү, камсыздоо аракеттери тарбиячы -педагогго таандык экенин айтып, өнөктөштүк аркылуу балага керектүү баалуулуктар менен ташыштырууга болот. Өспүрүмдөрдүн жашоосунда социалдык маселелер негизги орунда турарын бардык мектепке чейинки билим беруу мекемелери жана социалдык оноктоштуктор аркылуу иш жузуно ашырылат. Баланын тарбиясына жооптуу адамдар баланын ички- дүйнөсүн түшүнүп алардын жаш өзгөчөлүгүнө карата тарбия берүүнү камсыздоо коомдун зарылчылыктары. Балага коомдогу маданий баалуулуктары жөнүндө түшүндүрмө берүүдө тарбиячы эң маанилүү болгон социалдык оноктоштуктун көрсөткүчтөрү боюнча түшүндүрмө берилет. Мектепке чейинки билим берүү мекемелери, баланын дүйнө таанымын аныктап, тарбиянын социалдык аспетилерине басым жасалат. Социалдык тарбия чоңдор менен балдардын ортосундагы кызматташтык жана өнөктөштүк мамилелерге негизделген. Мектепке чейин билим берүү аркылуу баланын социалдык жана инсандык өнүгүүсүнө шарт түзүлөт.

Кандай коомдо жашаганына карабастан жаш өспүрүмдөр социалдык жактан камсыздандырылат жана аларга озгосо конул болунот. Жаш өзгөчөлүгүнө байланыштуу оспурумдор мектепке чейинки мекемелерде тарбиялануга жана мектептен билим алууга толук мүмкүнчүлүктөр берилген. Өсүп келе жаткан баланын социалдык коомдук жашоо менен байланыш түзүп, билим чөйрөсүндөгү социалдык-экономикалык өнөктөштүк аркылуу тарбия берүү жагын жандандыруу жана бекемдөөгө көңүл бөлүнөт. Баланын социалдык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана айлана- чөйрөсүндөгү балдар менен баарлашуу социалдык өнөктөштүк аркылуу башталат. Бала социалдык дүйнө жөнүндө гана маалымат албастан жүрүм-туруму бири-бирине болгон мамилелери,көз карашы өнүгөт. Өспүрүмдөрдүн жашоосунда социалдык маселелер негизги орунда турат жана азыркы учурдун эн негизги маселелиринин бири. Баланын тарбиясына жооптуу адамдар баланын ички- дүйнөсүн түшүнүп алардын жаш өзгөчөлүгүнө карата тарбия берүүнү камсыздоо коомдун

зарылчылыктары катары эсептелет. Балдардын социалдык жактан колдоо көрсөтүү, жардам берүүнү камсыздоо тарбиячы -педагогго таандык экенин айтып, өнөктөштүк аркылуу балага керектүү баалуулуктар менен ташыштырууга болот.

Мектепке чейинки курактагы балдарды социалдык тарбия берүүнүн өзгөчөлүгү адамдар менен болгон мамилелерин өнүктүрүүдөгү жетишкен жактарын чагылдырып, баланын негизги мүнөзүн катыптануусун билим алуусун, тарбиясын компетенттүүлүгүн калыптандырууга өнөктөштүк аркылуу иш жүзүнө ашырылып келген. Кандай гана коомдо жашаганына карабастан жаш өспүрүмдөр социалдык жактан камсыздоо негизги маселе катары каралган. Жаш өзгөчөлүгүнө байланыштуу өспүрүмдөр мектепке чейинки мекемелердеги тарбияланууга жана мектептен билим алууга толук мүмкүнчүлүккө ээ. Бала социалдык дүйнө жөнүндө гана маалымат албастан жүрүм-туруму бири-бирине болгон мамилелери, көз карашы өнүгөт. Балага коомдогу маданий баалуулуктары жөнүндө түшүндүрмө берүүдө тарбиячы эң маанилүү болгон социалдык өнөктөштүктүн көрсөткүчтөрү боюнча түшүндүрмө берет. Мектепке чейинки билим берүү мекемелери, баланын дүйнө таанымын аныктап, тарбиянын социалдык аспетилерине басым жасалат. Социалдык тарбия чоңдор менен балдардын ортосундагы кызматташтык жана өнөктөштүк мамилелерге негизделген. Мектепке чейин билим берүү аркылуу баланын социалдык жана инсандык өнүгүүсүнө шарт түзүлөт.Тарбия берүү жана социалдык өнөктөштүк балдардын жашоо абалына көркөм өнөрлөрүн өсүп, өнүгүүсүнө таасирин тийгизип турат. Бала тарбиянын таасирдүү жактарына көңүл бөлүп, элдик көркөм кол өнөргө жана сүрөт искусствосуна, элдик чыгармачылыктын ар кандай түрлөрүнө кызыгуусу, аны жасоо аракетине тарбиячылар колдоо көрсөтүү негизги орунда экенине көңүл бурулат. Ошондуктан билим берүү мекемелери менен социалдык өнөктөштүк бирдиктүү иш алып баруу жоопкерчилиги каралат. Мектепке чейинки билим берүү мекемелери баланын чыгармачылыгынын өнүгүү жактарына басым жасашкан. Балдардын иш аракетин баалоо, жан- дүйнөсүндөгү эң баалуу каражаттарды таанып- билүүгө көмөктөш болууга багытталат. Балдардын ички сезимине терең ишеним берүүгө, кайрымдуу, боорукер, камкор болууга тарбиялайт, бул өнөктөштүк негизги баскычтары катары бааланат. Мектепке чейинки балдарды социалдык жактан өнүктүрүүгө багытталган баланын гумандуулугуна, максаттуу билим алуусуна шарт түшүүгө көмөктөш болуу зарыл маселелердин бири катары каралат. Балдардын эстетикалык жөндөмдүүлүгүн эске алуу менен балага тарбия, билим берүүнүн баалуу жактарын эске алуу жолдорун аныктоодо социалдык өнөктөштүк менен бирдиктүү иш жүргүзүү жоопкерчилиги аныкталган. Мектепке чейинки билим берүү тармагында эң кеңири таралган, бул социалдык- педагогикалык система катары бала бакчаны эсептешкен. Мектепке чейинки курактагы балдарга социалдык реалдуулук менен тааныштыруу жана өз элинин маданиятын, жашоосун билүү тарбиянын орчундуу малелелеринин бири[3.6].

Жаш курактагы балдарга тарбия берүү менен бирдикте социалдык тарбия өнөктөштүктүн негизги принциптери болуп жатат. Социалдык өнөктөштүк, мектепке чейинки өспүрүмдөргө руханий жактап билим берүү балдарды социалдык жактан камсыздандыруу катары эсептелет. Мунун негизги өзгөчөлүгү балдардын инсан катары калыптанышын билим алуусун ишке ашырат. Демек бүгүнкү күндө социалдык өнөктөштүк жана өспүрүмдөрдүн билимге болгон умтулуусун камсыздоо жана тарбия берүүнүн таасири негизги орунга чыгып, бүтүндөй коом менен байланыш түзөт. Билим жана тарбия берүү тармагында социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүү боюнча тарбия берүүнүн баардык деңгээлин жогорулатуу азыркы учурдун талабы.

Баланын жашоосунда социалдык тажрыйбасын кеңейтүү анын башка бардар менен баарлашуусу процессинин өнүгүүсү мектепке чейинки мекемеге барганда башталат. Баланын социалдык мамилелерди гана таанып билүү аракети өнүкпөстөн тарбиянын бардык түрүн өзүнө алууга аракеттенет. Ошол убактан баштап балдардын саиалдык дүйнө таанымы кеңейип кенен маалымат алышат. Баланын ой- жүгүртүүсү, дүйнө таанымын кеңейтүүгө

багытталган тарбия берүү менен катар социалдык өнөктөштүк кызматына өзгөчө көңүл бурулат. Бардык учурда мектепке чейинки билим берүүдө социалдык өнөктөштүк кеңири таралган процесс экенинин далилденген. Мектепке чейинки билим берүү жана социалдык өнөктөштүк аркылуу балдардын түшүнүктөрү калыптанып ар тараптуу таанышууга бала өзүнүн социалдык сапаттарын өнүктүрүп жашоосун өз алдынча уюштурууга үйрөнөт.

Башында айтылгандай бүгүнкү күндө балдардын билим алуусуна шарт түзүп, тарбия берүүгө милдеттүү түрдө иш жүргүзүүнө ашырууга өзгөчө көңүл бөлүнүүдө. Анткени мектепке чейинки мекемелерде тарбиянын алсыздыгы баланын билимине тарбиясына өз таасирин ушул күнгө чейин тийгизип келет. Айрыкча баса белгилей турган көйгөйдүн негизгиси бул мектепке чейинки мекемелерде адистиги туура келбеген адистердин иштеп жаткандыгы чыныгы көйгөй деп айтууга болот. Балдардын жан-дүйнөсү, тарбиясы, билиминин өсүп- өнүгүүсү тарбиячыга байланыштуу экендиги эзелтеден айтылып келет. Келечек муундарды тарбиялоодо социалдык өнөктөштүк жана биргелешип иш алып барууда абдан көп маселелер бар экенине ынанышыбыз керек[4].

Мектепке чейинки мекемелерге адистерди даярдоо бир топ жыл камсыздалбай калышы негизги көйгөйлүү маселелердин бири катары эсептөөгө болот. Бул көрүнүш мектепке чейинки билим берүү тармагында көптөгөн кыйынчылыктарды жаратты десек болот. Ошого карабастан мектепке чейинки мекемелерде социалдык өнөктөштүк аркылуу тарбиянын таасирдүү болушуна көмөктөш болуп өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келишкен. Мектепке чейинки билим берүү тармагы өзүнө тиешелүү маселелерди чечүүдө социалдык тармактар менен бир катар иш жүргүзүп келишкен. Мектепке чейинки таалим -тарбия иштерин максатка ылайык уюштуруу аны ишке ашыруу ыкмаларын жүргүзүүнүн натыйжалуу жактарын, тарбия берүүнүн зарылдыктарын, көйгөйлөрүн чечүүгө көмөктөш болот.

Мектепке чейинки мекемелерде балдардын ден соолугуна кам көрүү, көзөмөлдөө эң орчундуу маселе экендигин айтууга болот. Балдардын физикалык, психологиялык өнүгүүсүнө шарт түзүү жана аларды аныктоого мүмкүнчүлүк тузуп берүү керек. Анткени мектепке чейинки балдарга билим, тарбия берүүнү өнүктүрүүдө социалдык өнөктөштүк кызматы билдиргендей баланын социалдык жактан көзөмөлгө алуу негизги маселе катары бааланат деген түшүнүктү билдирет[5].

Баланын жашоосунда социалдык муктаждыктарын аныктоо аларга көмөктөш болуу баланын өнүгүү процессине билим алуусуна өз таасирин тийгизип келет. Мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоо жана билим берүү ар бир доордо камсыздалышы каралып келген. Ошондуктан мектепке чейинки билим берүү мекемелери социалдык өнөктөштүк аркылуу балдардын тарбиясын жакшыртууга өз нугунда камсыздоого тарбиянын орчундуу орду маселе экендигин баса белгилеп кетишкен.

Социалдык өнөктөштүк жана мектепке чейинки билим берүү тармагында баланы жагымсыз жагдайлардан алыстатуу, реалдуу жашоодогу көрүнүштөр менен тааныштырууда балдардын активдүүлүгүн арттырат.Мектепке чейинки билим берүү жана социалдык өнөктөштүк балдарды оор кырдаалдан, чыгуу карама-каршылыктардан алыс болууга шарт түзүү негизги маселе экенине карабай өзүбүзгө тиешелүү тармактар менен бирдикте иш алып буруу өнүгүүнүн жолдору болуп эсептелет.

**Адабияттар:**

1. “Устаттык өнөрү” Гапыр Мадаминов – 2021ж. 33б
2. “Ата-энелер сиздер үчүн” Гапыр Мадаминов – 2021ж - 12-14. 114-115 б
3. “Социалдык тарбия” Нүрбүбү Асипова – 2004ж. 37-39 б
4. “Бала тарбиялоодогу жаңы ыкмалар” Халит Эртугрул – 2019ж. 75б
5. “Адам көркү адеп” Абидетегин Ж., Жапарбек уулу А.- 2017ж. 93 б
6. “Введение в профессию *Социальная работа* Н.Б.Шмелева - 2013ж.- 66, 73 б

**УДК:** 37.018.11

# ҮЙ-БҮЛӨ ТАРБИЯСЫ ЖАНА АДЕП-АХЛАКТЫН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ.

Нишанбаева Мерниса Анарбаевна ОшМПУ, окутуучу

**Аннотация**

Адептик тарбиянын өзгөчөлүгү катары үй- бүлөлүк тарбия берүүнүн сапатын жогорулатууга аракеттенүү өзгөчөлүк катары белгиленет. Балдарга багыт берүү, туура жол көрсөтүү үй-бүлөнүн негизги милдеттери катары көрсөтүлгөн.Үй- бүлө тарбиясында балдарды ар тараптуу жакшы сапатка өнөргө тарбиялоо, үйрөтүү өзгөчөлүк катары бааланат. Балдар адеп таалим- тарбиясы аркылуу жакшы сапаттарын калыптандыруу, жашоодо көп ийгиликтерге жетишүүсү эң чоң өзгөчөлүк экенине ынанабыз. Үй- бүлөңдө балдардын кызыкчылыктарын, жетишкендиктерин баалоо менен адептик тарбиянын маани- маңызын баса белгилөө зарыл көрүнүш экенин түшүнүү менен мамиле жасалат. Үй-бүлөбүдөгү балдарга адамгерчиликке, адептүүлүккө, мээримдүүлүккө тарбиялоо бул адеп башатынын өзгөчөлүгү катары бааланат. Үй-бүлөдө жылуу мамиле, бири - бирине урмат-сый көрсөтүү жашоодогу климатты жакшыртуунун өзгөчөлүгү. Үй- бүлөдө балдарды камкордукка алуу, алардын ой-пикирин эске алуу баланын акыл-эстүү болушуна көмөктөш болууга шарт түзөт. Адептик тарбия берүү менен үй-бүлөлүк тарбиянын багытын аныктоо менен тарбиянын жоопкерчилигин милдеттүү жүргүүзү зарыл процесс экенин ар бирибиз билүү зарыл деп көрсөтүлгөн. Үй-бүлөдө балдардын тарбиясына өзгөчө көңүл бөлүү, балдарды жаш кезинен ар тараптан төп келишкен адам болуп өсүп- өнүгөт.

**Түйүндүү сөздөр:** үй-бүлө, тарбия, адеп-ахлак, баалуулук, сый-урмат, жоопкерчилик.

# СЕМЕЙНОЕ ВОСПИТАНИЕ И НРАВСТВЕННЫЕ ОСОБЕННОСТИ

**Аннотация**

В качестве особенности нравственного воспитания выделяются попытки повысить качество семейного воспитания. Ориентация и руководство детьми указаны как основные задачи семьи. Мы убеждены, что самое главное, чтобы дети через нравственное воспитание развивали хорошие качества и добивались больших успехов в жизни. В вашей семье важно подчеркивать важность нравственного воспитания через оценку интересов и достижений детей. Чертой этого источника нравственности считается воспитание детей в семье гуманными, нравственными, сострадательными. Теплые семейные отношения и взаимоуважение – залог улучшения климата жизни. Забота о детях в семье и учет их мнения помогут ребенку стать более рациональным. Констатируется, что каждый из нас должен знать, что нравственное воспитание является необходимым процессом определения направленности семейного воспитания и ответственности воспитания. Уделяя особое внимание воспитанию детей в семье, дети растут гармоничными во всех отношениях с раннего возраста.

**Ключевые слова:** семья, воспитание, нравственность, ценности, уважение, ответственность.

# FAMILY EDUCATION AND MORAL CHARACTERISTICS

**Annotation**

Attempts to improve the quality of family upbringing are identified as a feature of moral education. Orientation and guidance of children are indicated as the main tasks of the family. We are convinced that the most important thing is that children develop good qualities through moral education and achieve great success in life. In your family, it is important to emphasize the importance of moral education by assessing the interests and achievements of children. Raising

children in the family to be humane, moral, and compassionate is considered to be a feature of this source of morality. Warm family relations and mutual respect are the hallmarks of improving the climate of life. Taking care of children in the family and taking their opinions into account will help the child to become more rational. It is stated that each of us should know that moral upbringing is a necessary process of determining the direction of family upbringing and the responsibility of upbringing. Paying special attention to the upbringing of children in the family, children grow up to be harmonious in all respects from an early age.
**Keywords:** family, upbringing, morals, values, respect, responsibility

Үй-бүлө тарбиясы бүгүнкү күндө эң орчундуу маселелердин бири.Үй- бүлөлүк тарбиянын мааниси терең багыты туура болгондо гана балдардын тарбиясынын натыйжалуу болушуна алып келет. Адептүүлүк тарбия үй-бүлөдөн башталат жана тарбиянын башаты үй-бүлө. Биз мындан ар бир үй-бүлөнүн курамы тарбияга жооптуу экенине ынаныбыз. Үй-булөдө балдарды өспүрүм курагынан баштап адеп-ахлак тарбиясына көңүл буруу зарыл көрүнүш экенин баарыбыз билебиз. Өспүрүм курактан балдардын жүрүм-туруму, жасаган иш аракети, кызыгуусу байкалат. Эгерде баланын өспүрүм кезинде көзөмөлдөп анын багыты туура тандабай калган учурда тарбия алсыз болуп калышы ыктымал. Ошондуктан балага ар бир курагына жаш өзгөчөлүгүнө карата тарбия берип, үй-бүлө мүчөлөрү баланын тарбиясына жооптуу экенин айтууга болот. Баланы адептүүлүккө жана ыймандуулукка тарбиялоодо эң орчундуу маселелердин бири ата-энелерге тиешелүү. Үй- бүлөдө бала үчүн ата-эненин жасаган мамилеси үлгү катары бааланат. Көпчүлүк убактысын бала үй-бүлөсү менен өткөргөндүгүнө байланыштуу баланын кулк мүнөзүнө ылайык мамиле жасап ага туура жолдомо көрсөтүүгө тийиш экендигин баса белгиленген. Үй- бүлөдө балдарга ашыкча талап коюу аны мажбурлап аткартуунун дагы адеп-ахлак тарбиясына эң орчундуу маселелерди жаратат[1,3].

Балдар үй-бүлөдө жакшы пикир жаркын маанай тартуулап турганын байкап аларга болгон ишеним менен жашоого умтулат. Үй- бүлө мүчөлөрү тарбиянын башатын түзүп, адептүүлүктүн нормаларына ылайык тарбия берүүнүн жаңы ыкмасын колдонсо тарбиянын таасирдүү болушуна шарт түзөт. Бирок бардык эле ата-энелер балдар үчүн тарбиянын жаңы ыкмаларын колдонбой келишет. Буга ата-энелердин чет мамлекетте жүргөнү дагы өзгөчө себептердин бири катары бааланат. Балага өз убагында адеп-ахлак тарбиянын көрөңгөсүн байытып, жан дүйнөсүнө аралашып жашаган учурда гана тарбиянын өз орду бар экенине күбө болобуз. Балдардын бактылуу балалыгы үй-бүлөлүк тарбия менен тыгыз байланышта. Үйдө балдар ата-энесининин айткандарына ынанып, алар менен баарлашып алардын айтканын угуп аткара билүүсү адептүүлүк тарбиянын үзүрү.

Үй-бүлөлүк тарбиянын ички жана тышкы факторлордун бала тарбиялоодо өзгөчө багытынын негиздүүлүгүн жаратат. Балдардын өзүн- өзү тарбиялоодо үй-бүлөнүн өз орду бар. Анткени балдар мекенди сүйүүгө, патриоттук сезими менен эли жердин кадырын, баркын билүүгө тарбиялайт. Баланын эрктүүлүгү, ар намыстын бийиктиги адеп-ахлак тарбиясынын өзөгүн түзүп, анын коомго болгон жөндөмүн арттырат. Үй-бүлө бала тарбиялоонун ачкычы, тарбиянын башатын ата-энелер түзөт деп эсептешкен. Өнүккөн заманда жашап жаткан балдар үчүн тарбиянын бардык ыкмаларын колдонуп адептүү болууга түрткү берүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Үй-бүлөлүк тарбия берүү аркылуу балдар гумандуу, кайрымдуу болууга үйрөнөт жана адеп тарбиясынын маанисин түшүнөт. Балдарды өспүрүм куракатан баштап эле алардын гумандуулукка тарбиялоо анын маанисин түшүнүүгө тийиш экендигин айтып түшүнүү тарбиянын бир бөлүгүн түзөт.

Үй- бүлөнүн бекем болушу адеп-ахлак тарбиянын үзүрлүү болушуна шарт түзөт. Балдар алгачкы тарбияны негизги жашоону эрежелерин үлгүлүү мамилелерди үй-бүлөдөн алышат. Тарбиянын механизми үй-бүлөнү жана коомдогу иш-аракетти көзөмөл жүргүзөт. Үй- бүлө тарбиясы аркылуу адамдык касиеттеринин өнүгүүсү адеп-ахлак тарбиянын уясы катары

белгилеп келишкен. Үй-бүлө өзүнүн мүчөлөрүн өз ара мамилелерин салттарын сактоого жана ыйман рухий тарбия берүүгө терең көңүл бөлүшкөн. Үй-бүлөлүк тарбия берүү менен бала өзү жашаган элдин, улуттун каада-салттын, үрп-адатын, жашоонун өзгөчөлүктөрүн, адеп-ахлактык баалулуктарын үйрөнөт. Ошол адептүүлүктүн өзөгү катары каралып улуу муундардын кичи муунга үйрөтүүсүн, ыйман-рухий тарбия берүүсүн ишке ашырат[5].

Үй-бүлө коомдун тиреги, балага татыктуу тарбия берүү жагынан балдарга өз убагында кеп-кенештерин айтып тарбиянын үлгүсүн көрсөтүп турат. Баланын ички дүйнөсүн өстүрүүгө көңүл бөлүү, алардын жашоосуна көңүл бөлүү адеп-ахлак тарбиянын маанилүү бөлүгү. Үй-бүлө тарбиясынын таасири аркылуу баланын толук кандуу берилүүсүнө өбөлгө болуп, адептүүлүккө тарбиялайт. Адептик тарбия берүү менен баланын келечегине жол көрсөтүп, кылык-жоруктарынын оң жактарын өсүп өнүгүүсүнө салым кошуу үй-бүлөгө таандык экенинин айтууга болот. Адеп-ахлак тарбиясы баланын эстетикалык коoздукту сезе билүүсү эмоционалдык көз карашын өнүктүрөт жана акыл -эсинин, дене бой жактан өсүп өнүгүүсүнүн башкы каражаты экенин тастыктаган. Адеп-ахлак, эспетикалык тарбияга бүгүнкү күндө өзгөчө көңүл бөлүү зарыл экенин айтууга болот. Баланын жаш курагына карата адеп-ахлактык сезимдери калыптана баштайт жана баланын ар бир оюн аңдап билүүгө аракет жасоо үй- бүлө мүчөлөрүнө таандык.

Үй-бүлөдө балдарын тарбиясына астейдил көңүл буруп, өз убагында алардын сезимин акыл эсине маани берүү тарбиянын максатка ылайык экендигинен кабар берет. Үй-бүлө тарбиясы, адеп-ахлак тууралуу кенен маалымат берип балдардын акыл-эс аркылуу коомдогу окуяларга туура баа берүүгө, чыгармачылыкка болгон жөндөмүнө багытталган максаттуу тарбиянын башаты деп айтууга болот. Адеп тарбиясынын башаты саламдашуудан башталат. Улуу кичүүгө бирдей салам айтуу баладагы асыл сапаттардын калыптанышына алып келет. Баланын кызыгуусуна жана жаңы ыкмаларды тереңдетип, адеп-ахлактык тарбияны үйрөтүү турмушта чоң ийгиликтерди жаратат. Үй- бүлөдө балдарды тарбиялоодо улуу муундагы мурастарга таянабыз. Ал мурастар адеп-ахлак тарбиясы балдарга шык-жөндөмүн арттырып, багытын туура тандаганда көмөктөш болот. Адеп-ахлак баланын рухий жактан өсүп өнүгүүсүнүн негизги багыты. Ошол үчүн балага тарбиянын багыттын туура тандоого көңүл буруп колдоо көрсөтүү зарыл көрүнүш. Үй-бүлө курамы баланын кандайдыр себептер менен кызыгуусу солгундап кеткен учурларды байкабай калышы мүмкүн. Бул көрүнүш баланын тарбиясына терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Бала тарбиялоо татаал процесс экенин улуу даанышмандар эскерткендей баланын жүрүм-туруму тарбия берүүдө өзгөчө мааниге ээ. Баланын ой жүгүртүүсү, турмушта адеп-ахлак тарбиясы маанилүү экенин баса белгилешкен. Күнүмдүк жашоодо балдардын тарбиясынан келип чыккан көйгөйлөрдү өз алдынча чечүүгө дарамети жетпей калган учурлар болот. Мындай учурда үй-бүлө мүчөлөрү баланын зарылдыктарын эске алып, алардын керектөөлөрүнө ылайык болушу жана аткарылышына колдоо көрсөтүүгө милдеттүү. Үй-бүлөдө күтүүсүз жаралган көйгөйлөр бала үчүн эң оор жагдайларды жаратат эмеспи. Баланын мүнөзү өзгөрүп тарбиянын таасири өзгөчөлүгү башка нукка бурулуп кеткен учурларды кездештирүүгө болот. Баланын көңүлү чөгүп турганда аларга адеп-ахлак тарбиясы жөнүндө маалымат берип, түшүндүрүү аракетин тарбиянын таасирдүүлүгү күчөтүп жакшы жакка өзгөрүүсүн камсыздайт. Балдардын тарбиясы жашоодо орчундуу орду бар жана үй-бүлөдө негизги орунда турат. Ар бир үй-бүлө мүчөлөрү баланын тарбиясы ишенимдүү болушуна шарт түзүү менен аларга руханий жактан өнүгүүсүнө өзгөчө көңүл буруп келишкен. Үй-бүлөдө балдарын тарбиялоого багытталган ишмердүүлүгүн, аракетин, активдүүлүгүн жөнгө салуу үчүн ата-энелер туура жолду тандоо багыты негизи орунда турат деп эсептейт[6,2].

Тарбиялоонун ачкычы адеп- ахлак болгондугуна байланыштуу баланын кулк мүнөзүнө ылайык мамиле жасоо ыңгайлуу. Бала үй-бүлөдөн көптөгөн жетишкендиктерди көрсөтүп турган тарбиядагы баалуу каражаттарыды таанып билүүгө үйрөнөт. Жашоодогу эң мыкты сапаттарды балдар үй-бүлөдөн алышат анын көөнөрбөс казынасын өзүнө алууга бай

тажрыйба топтоого мүмкүнчүлүк жаратат. Балдар көпчүлүк учурда алсыз болгондугу үчүн аларга үзгүлтүксүз билим, адеп-ахлак тарбия берүүнү жандандыруу зарыл талаптардын бири. Баланын сезими, ата-энесине болгон сый-урматы чексиз экенине карабай алардын жасаган иштерине көмөктөш болгон аракет жакшы иштердин жыйынтыгы. Баланын үмүт тилеги чексиз жана анын дүйнөсүнө аралашып түшүнүү бул ата-эненин жетишкендиги .Жашоодо абдан көп баалуулуктар бар алардын эң негизги үй-бүлө анын ролунун өзгөчөлүгү. Бала адептүүлүктүн бардык ыкмаларын колдонуп тарбиялуу болууга тийиш. Баланын аруу тилектери,арзуулары өтө чоң экенине күбө болобуз. Алар ата-энелерден көп үмүт тилеги аткарылуусун ойлоп алардан жардам күтүшөт, ата-энелер ошол мезгилде балдарга колдоо көрсөтүү тарбиянын эң ыңгайлуу жактарын жыйынтыгы экенине ынанып туура багытка үндөйт. Өспүрүмдөргө ата-эненелерден коомдон чөйрөдөн колдоого муктаж. Аларга үй-бүлө мүчөлөрү талыкпаган тарбия берүү, турмуштун бардык шарттарында жигердүү иштерди жасаганды үйрөтүү ыңгайлуу көрүнүш. Ааламдын периштеси балдар, алардын айтканын ой- максаттарын угуп аңгемелешип, ага адеп-ахлак тарбия жөнүндө маалымат берүүдө чыгармачылык менен иш жүргүзүү, жашоонун жарыгы. Жашоонун жарыгы үзгүлтүксүз экенин ата-энелер гана түшүнөт жана тарбияны татыктуу берүүгө аракеттенет. Бүгүнкү күндө эң орчундуу маселелердин бири ата-эненелер чет мамлекетте жүргөнү. Бул балдарга адеп-ахлак тарбия берүүдө кедергисин тийгизип жатат. Баланын тарбиясы өспүрүм курактан башталгандыгына байланыштуу эрте курактагы балдардын тарбиясына көңүл бөлүнбөй калган учурлар дагы кездешет. Баланын тарбиясына өспурум курактан баштап көнүл негизги орунда турат. Анткени баланын тарбиясы өспүрүм курактан баштап калыптанат жана өзгөчөлүктөрү бар. Биз балдардын адеп-ахлак тарбиясына, көпчүлүк учурда көңүл бөлбөй калган кезде тарбия ар түрдүү болуп калгандыгы жөнүндө айтылып эле жүрөт. Ага өтө терең маани бергендиктин кесепетинен улам туура эмес жагдайлар түзүлөт. Үй бүлөдө айтылгандай эле баланын кебетесин, кийинип жүрүү жөрөлгөлөрү дагы адептик тарбиянын башаты. Үй-бүлө курамы бала жөнүндөгү тарбиянын бардык ыкмаларын колдонуп жакшы тарбияны камсыздайт. Ата-энелер балдардын омоктуу ойлорун ортого салып ой-бөлүшүп турганы бплдарга керемет жашоо тартуулайт эмеспи. Биз бул көрүнүшкө көп эле көңүл бурбай калган учурлар кездешет. Албетте бул балдар чоңойсо дагы бир кыйынчылык алып келет. Девиант балдар өсүп чыккан учурлар болот, бул коомго коркунуч жаратууга алып келет. Тарбия берүүчү инсандар балдардын адеп-ахлак тарбиясына жаш курагынан баштап өзгөчө көңүл буруу өзгөчөлүгүн бар деп айтылат.

Адеп-ахлак тарбия берүүдө үй-бүлө мүчөлөрү кайдыгер кароого мүмкүн эместиги тууралуу кенен кеп кеңеш берип келет, бул чындык. Эгерде үй-бүлөдө балдарын тарбиясына астейдил көңүл бурулбай калган болсо баланын тарбиясы ишенимдүү болушу мүмкүн эмес деген ишеним бар. Мектепке чейинки курактан баштап балдардын тарбиясы калыптанат деген түшүнүктү баардык адамдар сезип алга кадам таштап орчундуу маселелердин өз учурунда чечкени эң туура көрүнүш катары бааланып келген.

Адеп -ахлак тарбиянын өзгөчөлүгү эмнеде дегенде, бала өзүн алып жүрүүдө көптөгөн жакшы сапаттарын бааланган. Баланын жашоосуна эң күчтүү мээримди үй-бүлө тартуулайт эмеспи.Ошол себептен тарбиянын башаты үй-бүлө экенин ар дайым айтып келебиз жана адептуулуктун бардык ыңгайлуу жактарын үйрөтөбүз[4,2].

Үй-бүлөлүк нравалык көйгөйлөрдү туура чечүү балдарды адеп-ахлак тарбиясы өзгөчө орунда турат.Үй- бүлөнүн бузулушу жана чындалышы балага адептүүлүк тарбия берүүдө бир топ өзгөчөлүктөрдү жаратат.Баардык нерсе үй-бүлөдөн башталатгандыгына байланыштуу үй-бүлөдө тенчилдик,,жолдоштук, бири-бирин түшүнүү мамилеси баланын тарбиясына өз таасирин тийгизерин айтып келишкен.Үй- бүлөдөгү түзүлгөн кырдаалдын адеп-ахлак тарбия берүүдө мааниси да чоң. Бала тарбиялоодогу үй- бүлөнүн милдеттери өзгөчө деп белгиленген.Үй- бүлө мүчөлөрүнүн бары тарбия болгондугуна байланыштуу үйдөгүлөр балага бирдей талап коюу адеп-ахлак тарбиянын көрөңгөсүн байытып тарбиянын

үзүрлүү болушуна алып келет.Үй-бүлөдөгу тарбияны туура уюштуруу жана балдарга жекече мамиле жасоо дагы тарбиянын негизи Көпчүлүк учурда үй-бүлөдө балдарын рухий жашоосу тереңдете турган кырдаал түзүү баланын адеп-ахлак тарбиянын оң жактарын камсыздайт. Үй-бүлө алардын үй-бүлөсүнүн мамилесин тескеп салуу жана алардын тарбиясын бир бир нукта өнүгүп туруу үчүн талыкпаган иш-аракети жумшалат.
Үй-бүлөдө балдардын туура тарбиялоого өзгөчө көңүл бөлүү адеп-ахлак тарбиянын негизги шарттары. Балага туура багыт берүү, жаңы нерселерди түшүнүп кабыл алуусу адептүүлүктүн өзөгү түзөт[4,5].

Адабияттар

1. Г. Мадаминов., “Ата-энелер сиздер үчүн”., Бишкек 2021 26-28б.
2. Х.Эртугрул ., “Бала тарбиялоодогу жаңы ыкмалар”., Бишкек 2019 61-64б
3. Г.мадаминов., “Ата-энелер сиздер үчүн”., Бишкек 2017. 19-20, 78-80б
4. Абидетегин Ж., Жапаркул у А., “Адам көркү адеп”., Бишкек 2017. 15-17б
5. К.Акматов., Т.Калмурзаева., А.Маматова., Адеп сабагы 5-класс., Ош 2005. 72-74б
6. Б.Апыш., Д.Бабаев., Т.Жоробеков., “Педагогика” Бишкек 2002. 397,399,402б

**УДК** 37.013

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ЫЙМАН-АДЕП ТАРБИЯСЫН БЕРҮҮДӨ ОКУУ САБАГЫНЫН РОЛУ

Осекова Токтокан Качыбековна – ОшМПУ, окутуучу.

**Аннотация**

Баланы жашынан жакшы жөрөлөргө акыл менен, туруктуулук менен талап коюп, чебер тарбиялаcа гана ал адептүү, ыймандуу, жоомарт, айкөл чыныгы инсан болуп жетилет. Себеби ыймандуулук, адептүүлүк-чыныгы инсандын касиети. Макалада өлкөбүздүн келечеги болгон жаш муундарга адеп-ыйман тарбиясын берүүдө окуу сабагынын орду чоң экендиги белгиленет. Балалык – ар бир адамдын турмушундагы унутулгус учур болуп саналат. Ал жакшынакай элестер жана шайыр турмуш, жылуу күн нуру, ата-эненин сүйүүсү жана камкордугу менен толукталат. Дал ошол нерсе үй-бүлөдө алгачкы ирет баланын айлана-чөйрө, жакшылык жана ак ниеттик, жоопкерчилик жана милдет жөнүндө түшүнүктърдү калыптандырат. Ата-энелик сүйүү балага “туруктуулук запасын” бекемдеп, психологиялык жактан корголгондук сезимин калыптандырат. Ал эми башталгыч класстарда тарбиялоо-билим берүү ишинин натыйжалуулугун үй-бүлөлүк тарбиянын натыйжасы менен тыгыз байланышта кароо керек. Чон адамдарга мектепте жана үй-бүлөдө балдарды тарбиялоого, дифференциялдуу мамиле кылууга мүмкүнчүлүк берип, коомдук жана үй-бүлөлүк тарбиянын бекемделишин камсыздайт.

**Түйүндө сөздөр:** Адеп, инсан, тарбия, ыйман, эмгекчил, билим, ата-эне, мугалим, коом, аруулук.

## РОЛЬ УРОКА В НРАВСТВЕННОМ ВОСПИТАНИИ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

**Аннотация**

Умное, настойчивое и умелое воспитание ребёнка с самого начала становится его нравственной, здоровой, добродетельной личностью. Потому что нравственность-это свойство истинной личности. В статье отмечается большая роль учебного предмета в нравственном воспитании подрастающего поколения, который будет способствовать дальнейшему развитию страны. Детство – незабываемый момент в жизни каждого. Его дополняют красивые сцены и веселая жизнь, теплое солнышко, любовь и забота родителей. Впервые в семье у ребенка формируется понимание окружающего, добра и честности, ответственности и долга. Родительская любовь укрепляет «запас устойчивости» ребенка и создает чувство психологической защищенности. Эффективность воспитательной работы в начальной школе следует рассматривать в тесной связи с результатами семейного

воспитания. Дает возможность взрослым воспитывать детей в школе и в семье, дифференцированное отношение, укрепляет социально-семейное воспитание.

**Ключевые слова.** Нравственность, личность, воспитание, трудолюбие, образование, родители, учитель, общество, красота.

**THE ROLE OF THE LESSON IN MORAL EDUCATION IN THE PRIMARY SCHOOL**

**Annotation**

Clever, persistent and skillful upbringing of a child from the very beginning becomes his moral, healthy, virtuous personality. Because morality is a property of a true person. The article notes the great role of the subject in the moral education of the younger generation, which will contribute to the further development of the country**.** Childhood is an unforgettable moment in everyone's life. It is complemented by beautiful scenes and cheerful life, warm sun, love and care of parents. For the first time in a family, a child develops an understanding of the environment, goodness and honesty, responsibility and duty. Parental love strengthens the "resilience margin" of the child and creates a sense of psychological security. The effectiveness of educational work in elementary school should be considered in close connection with the results of family education. It gives adults the opportunity to raise children at school and in the family, a differentiated attitude, strengthens social and family education.

**Keywords**: Morality, personality, upbringing, diligence, education, parents, teacher, society, beauty.

«Адам болуш-аста-аста….» дегендей бирөөлөргө жамандык кылбаган, сооптуу ишке барган, ак көңүл, сабырдуу, иштемчил, сөзү орундуу, чынчыл, улууларга урмат, кичүүлөргө ызаат экен, ата-энесине, туугандарына кайрымдуу, журтка алымдуу, илимге-билимге умтулган, аманатка кыянат кылбаган, табиятка ырайымдуу, жакшы үй-бүлө күткөн, жаман жолдордон өзүң ала качкан АДАМ кайдан, кантип чыгат? [3.2-б]

Ыйман деген-дилдин тазалыгы. Ушак сүйлөп урушпаган, убал, соопту ылгап, ата-энени,улуу-кичүүнү урматтап, сыйлап, уурулуктан алыс болуп, бардык иште калып болуп жүрүүнү ыйман деп айтабыз. Ыймандуулук, адептүүлүк-чыныгы инсандын касиети. Баланы жашынан жакшы жөрөлгөлөргө акыл менен, туруктуулук менен катуу талапты коюп, чебер тарбияласа гана ал адептүү, ыймандуу, айкөл, жоомар, чыныгы инсан болуп жетилет. Ал эми аны жашынан жаман жөрөлгөлөргө үйрөтсө, натыйжасы сөзсүз жамандык болот. Ал эми жакшы жөрөлгөгө деле, жаман жөрөлгөлөргө деле үйрөтпөй тим коюнун натыйжасы баары бир жамандык болот. Эгерде жерди пешене тер менен тынымсыз иштеп, гүл-зар, бак-дарак, эгин-тегин өстүрөбөсө аны сөзсүз уйгак басат. Уйгактын уругун эч ким сеппеген сыяктуу эле, баланын жан-дүйнөсүн жамандыктан коргоп, жакшылыктын үрөнүн сээп калбаса, жамандык эч ким сеппей эле дүркүрөп өскөн уйгактай көбөйөт. Жакшылыктын үрөнүн өз учурунда сээп, түптүү, нарктуу элибиздин байыртадан адам акылын улаган алтын учуктарды изилдеп, анын башатына акыл калчап, учун улап, жаман-жакшысын иргеп, жакшысынан таалим алып, жан-дүйнөсү байыган инсандар элим, жерим, Мекеним деп өз курмандыкка чалууга мажбур болот.

Адамдардын жан-дүйнөсүнүн тазаланып, байып, адептүү-ыймандуу болуусундагы ишенимдин ролун өтө жогору баалап, Жусуп Баласагын: «Кудайымдын элчисине ыракмат, жолун жолдоп жолдоп жүргөндөргө урмат-данк!»-деп ислам динин тутунуп, Мухаммед пайгамбардын куттуу өмүрүнөн үлгү алууга үндөгөн. [1;86-бет] Улуу даанышмандын мындай залкар идеяларын жаштардын динин тазалап,мектептеги окуучулардын жана үй-бүлөдөгү бөбөктөрдү ыймандуулукка тарбиялоодо чеберчилик менен пайдалана билген ата-энелер, тарбиячылар жана мугалимдердин иш-тажрыйбаларын атайын иликтеп үйрөнүп,аларды эл арасына кеңири жайылтуу педагогдор менен билим берүүнү башкаруучулардын бүгүнкү күндөгү эң ыйык парзы.

«Адеп-улуу таажы, аны кийгин да, кайда барсан бара бер» деп айтылат Чыгыш насааттарында. Кеп ошол адеп таажысына ээ болууда. Анын жолун көп жана татаал, аны миңдеген кишилердин жардамы менен гана табасың.

Адеп тарбиясынын башатында ар дайым сөз болгон, сөз аркылуу жакшы, үлгүлүү журүш-турушка насааттaшкан. [3.5-бет] Башталгыч класстардын окуучуларын окутуу процессинде кантип адеп-ыймандуулукка тарбиялайбыз, сөз ошол жөнүндө болмокчу.

Окутуу процессинде ар бир педагог сабак берүүнү ийкемдүү жаңы жолдорун, методдорун издешет, ошентип билим берүүнүн натыйжалуулугуна жетишет. Билим берүү, тарбия берүү иши менен тыгыз айкалышууга тийиш. [5;49-бет]

Башталгыч класстарга адеп-ыйман тарбиясын бекемдөө максатында С.Рысбаев менен Б.Абдухамидованын «Адам Алиппеси» аттуу 1 - класстар үчүн окуу китеби жарык көрдү. Ал китеп «Адам көркү-адеп» аттуу башталыш менен ачылат да, «Адеп Алиппесинин» негизги максаты түшүрдүрүлөт. Анда окуучуларды урууларды сыйлоого,ата-эненин,мугалимдин сөзүн угуп, аткарууга, өз боюн таза күтүп, кийимдерди, китеп-дептерди таза сактоого, убадага бек болуп,эмгектен каттоого, таанышпы, бейтаанышпы өзүнөн улуу адамдарга ар дайым биринчи салам берүүгө, достору менен ынтымак болууга чакырат. Боогачы атабыздын «Ыйман деген эмне?» аттуу ыры берилип, анда:
«Ыйман ал-жакшы мүнөзүң»деген жоопту айтуу менен:

«Ыймандуу бол жаш чакта,
Жаман жолдо баспаган.
Акыл кирет адамга,
Жылдар өтсө аз-аздан» [4;12-бет]

-деген жыйынтык чыгарылат.

Китепте мындан тышкары элибиздин каада-салтын, үрп-адатын чагылдырган ырлар,аңгемелер, макал-лакаптар,табышмактар ошондой эле бабалардын баталары ар бөлүмдө өзүнө ылайыкталып берилген. «Адеп Алиппеси»аты эле айтып тургандай окуучуларга алгачкы адептүүлүк жүрүм-туруму боюнча сабатын ачып, ыймандуу болууга жол көрсөткөн шам чырак десек жаңылышпайбыз. Башталгыч класстарда адабий окуу китептеринде чыгармаларды окутуу менен окуучуларга терең билим эле бербестен, тарбия берүү жагынан да көңүл буруп басым жасоо керек.

2-класстын адабий окуу китебиндеги берилген аңгеме, жомок,ырлардын көпчүлүгүнүн тарбиялык мааниси эмгекчил болууга,ынтымактуулукка, достукту баалай билүүгө, мекенди сүйүүгө, улууну урматтап, кичүүнү сыйлоого, ууру кылып, ушак сүйлөбөөгө б.а. ыймандуу болууга үндөйт.

Китептин бет ачары [7;6-бет] «Билим-түгөнбөс байлык» аттуу аңгеме менен башталып, талыкпай алган терең билим ар кандай байлыктан жогору турарын көрсөтүп, өнөрлүү болууга үндөсө, «Эки эчки» [7;23-бет] аттуу тамсилде тар көпүрөдө кездешкен эки эчкинин бири-бирине жол бошоткусу келбей, экөө тең сууга кулап түшкөнүн көрсөтүү менен ыймандуу болууга, урууларды урматтап, жол бошотууга, кичүүлөрдү сыйлап, жардам берүүгө чакырат.

Ыймандуу болууга тарбиялоо айрыкча «Ууру» [6;103-бет] аттуу аңгемеде, «Акылдуу бала» [6;107-бет] жомогунда жана «Таяк» [6;72-бет] аттуу жомокто айрыкча так чагылдырылган. «Ууру» жана «Акылдуу балада», «көрбөйт деп ууру кылба, укпайт деп ушак айтпа» деген макалдын мааниси чечмеленип, ыймандуу болууга үндөп, уурулук эң жаман адат экенин айгинелеп, андан алыс болууга чакырат. Ал эми «Таяк» аттуу жомокто акылман карыянын жалгыз уулу акылы тайкы, ыймансыз болот. Буга капа болгон атасы кар күрөп жатып,бутун оорутуп алат да: «Уулум таяк алып келсе эле оорум айыгат эле» дейт. Баласы үч жолу таяк алып келет. Биринчиси көчөдө кездешкен кемпирдин таягын тартып алат, экенчисин сатып келет, үчүнчүсүн тоодон мээнет кылып кыйып келет. Үч жолу тең таякты сындырып, өрттөп ыргытып жиберет. Үчүнчүсүндө бала ыйлап жиберет да таякты

аяздуу күндө кантип мээнет кылып, кыйналып алып келгенин айтат, атасы ишенет да: «Уулум менин оорумдун даарысы сенин чындык сөзүн болчу. Эми мен тез эле айгам», - дейт. Ошондон кийин уулу чынчыл, ак ниет, эмгекчил,ыймандуу боло баштаптыр. Бул жомок ошол уулдагы касиет бардык жаш өспүрүмдөрдө болууга түртөт.

3-класстын адабий окуу китебинде да ыймандуулукка тарбиялоочу бир нече чыгармалар бар. Алсак, «Көз жаш» [7;122-бет] «Гүл» [7;109-бет], «Таарынган токоч» [7;116] , «Ат менен эшек» [7;5-бет] ж.б. «Көз жаш» аттуу чыгармада жалгыз бой аялдын уул-кызы адепсиз, мээримсиз болуп чоңоюп, ооруп калган энесин карабай коюшат. Ошондо куш кебетеси бар, бирок адамча сүйлөгөн жаныбар келет да, кайгырып отурган аялдын колуна конот, бутуна өткүр тырмак, оозуна курч тумшук кийгизип кушка айлантат. Ошол мезгилде уулу менен кызы кирип келет да, учуп кеткени жаткан энесине карабай, анын кооз канат, өткүр тырмагын, курч тумшугуна сактанып, талашышат. Ошондо энесиз калганына өкүнбөгөн балдарына капа болгон жалгыз бой аял зар какшап ыйлап, сарала канат саргалдак деген чымчыкка айланат. Демек, жакшы тилек менен баккан балдарынын ыймансыз чоңойгонуна кейиген аял, кийин деле алардын колунан жакшылык келбесин окуучуларын ата-энени туу тутуп, урматтап, кадырлап, сыйлоого, үндөйт. Ал эми «Гүл» аттуу чыгармада ооруканада жаткан атасына түрдүү гүлдөрдү белек кылгысы келген кичинекей Бокин кеч калып, атасы көз жумгандан кийин келет. Ал өзү терген кызгалдактарын бере албай калганына кейип, анын гүлүн алып жыттаса эле атасы өлбөй калчуудай сезет. Бул чыгарманын мааниси «Уулдун өзү-атанын көзү» деген макалга туура келип,атанын ордун, кадыр-баркын баалай билүүгө үндөйт. «Ат менен эшек» аттуу жомокто оор жүк артынган эшек чарчап баса албай калганда аттан жардам берүүсүн суранат. Ат укмаксан болуп коёт. Акыркы кыйналган эшек жыгылып түшүп, тура албай коёт. Ошондо кожоюну бардык жүктү атка артып жолго түшөт. Демек, кыйынчылык башка түшкөндө өз жолдошуна жардам бербеген адам наадан, ыймансыз деген ой берилет да, бирөөгө жамандык кылсаң өз башыңа түшөөрүн көрсөтөт. Ошондой эле 3-класстын адабий окуу китебиндеги макал-лакаптар, жаңылмачтар, накыл сөздөр, ырлар да ыймандуулукка тарбиялоочу булактардын бир катары эсептесек болот.

М: 1. Улууга каяша айтпа,
Убдадан кайтпа,
2. Чынчыл калыс бол,
Чырдан алыс бол.
3. Акты төкпө,
Айыпсызды сөкпө.
Эшикти тээп ачпа.
Чакыргандан качпа ж.б.

4-класстын адабий окуу китебинде да окуучуларды адеп-ыймандуу, чынчыл ,ак ниет, адамгерчиликтүү болууга чакырган бир топ чыгармалар учурайт. Алсак, «Жоошбай» [8;79-бет], «Алтын кумура» [8;60-бет], «Касиеттүү үрөн» [8;15-бет], «Уюкка тийбе» [8;20-бет], «Энелик сезим» [8;22-бет], «Чоң ата жана небере» [8;28-бет], «Бир түйүнчөк акча» [8;54-бет] ж.б.

Бул чыгармаларда деле жогоруда айтылган ойлор бекемделип, башталгыч класстын окуучуларына терең билим эле бербестен, татыктуу тарбия берүү максатын көздөйт. Маселен, «Чоң ата жана небере» аттуу жомокто чоң атанын көзү көрбөй, кулагы укпай, оозунда да тиши жок абдан картайганда уулу менен келини тамакка отургузбай коёт. Тарелкага тамак куюп берсе, жылдырам деп сындырып алат. Ошондон кийин жыгач аякка куюп беришет. Муну көргөн кичинекей баласы тактайдан бирдеме жасап жатканда, ата-энеси эмне кылып жатканын сурайт. Баласы жыгачтан аяк жасаганы, кийин атасы менен апасына тамак коюп берээрин айтат. Ошондо ата-энеси туура эмес иш кылгандарын сезишип, чоң атанын көңүлүн ооруткандарын билишип, ушундан кийин аны өздөрү менен столго отургузушуп, жакшылап бага башташат. Бул чыгармада деле биринчи орунда ыйман

маселеси турат. Ал эми «Бир түйүнчөк акча» [8;54-бет] аттуу аңгемеде дүкөнчүнун дүкөнгө түшкөн бардык акчаны түшүрүп салганы, аны Талант мектепке келе жатып таап алганы жана атасына алып барып бергени жөнүндө айтылат. Мектепке ыйлап келген дүкөнчүнү көргөн Талант акчаны таап алганын айтып, үйүнө ээрчитип жөнөйт. Эгер Талант адептүү, ыймандуу бала болбосо, атасынын тилин алып акча таап алганын эч кимге айтпайт эле. Бул аңгеме аркылуу бирөөнүн акысын албоого, буюмдарына тийбөөгө, адамдарга жакшылык гана кылууга үндөйт. Ошондой эле 4-класстын адабий окуусундагы «Апендинин жоруктары», «Досторундун сөздөрү» аттуу бөлүмдөр да окуучуларга адеп-ыйман тарбия берүүдө зор жардам көрсөтөт. Жыйынтыктап айтканда башталгыч класстарда адабий окуу сабагын окутуу менен андагы чыгармалар аркылуу терең билим берүү максатын эле көздөбөстөн, тарбиянын түрдүү бөлүктөрүн үйрөтүп андан таалим алууга чакырабыз. Илгери бир акылмандын «Сен кантип акылман болдуң?» десе, «Эл жаман деген нерселерди өмүр бою качып жүрөм»,-дептир.

Демек, «Жаман деген бир ат бар,жууса кеткис, жакшы деген бир ат кууса жеткис»,-деген акылман кеп дп бекер айтылбаптыр. Ар бир адамдын коомдо атайын орду, аткара турган иши, ата-эне, тууган-туушкандары менен коом алдында чон инсандык милдеттери бар. Жашоосунун мазмунун адамдын адептүүлүк деңгээли аныктайт. Инсандык негизги касиет болгон адептүүлүктүн бийиктиги үчүн, ыймандуулуктун арuулугу үчүн аракеттенүү ар бир адамдын ыйык парзы.

**Пайдаланган адабияттар:**

1. Бекембай Апыш, Тимур Козукулов «Мухаммед пайгамбарыбыздын таалим-тарбия жөнүндөгү даанышман ойлору» - Бишкек, 2004.
2. Бекембай Апыш «Улуу дидактика» 2006.
3. А.Муратов «Аталар-сөзү-акылдын көзү» Б 2015
4. Рысбаев С., Абдухамидова Б. «Адеп Алиппеси» - Бишкек, 2006
5. Сухомлинский В.А. «Мугалимге жүз насаат» - Ф.1987
6. Токтомаметов А. Адабий окуу 2-3-4- класстар үчүн. - Бишкек,1997.
7.Токомаметов А. Адабий окуу 3-класс. Б 1997.
8.Токтомаметов А. Адабий окуу 4-класс. Б 1997.

**УДК:** 371.31

## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ЧЫНДЫККА ЖАНА ЧЫНЧЫЛДЫККА ҮЙРӨТҮҮ

Сейдакматова Элмира Орозбековна ОшМПУ, окутуучу

**Аннотация**

Бул макалада мектепке чейинки балдарды чынчылдыкка тарбиялоо камтылган. Чынчылдык, жаштайынан калыптаныш керек. Бала бакчанын жана үй-бүлөнүн бүтүндөй чөйрөсү, чоңдор менен балдардын ортосундагы мамиленин мүнөзү аларды чынчылдыкка, тарбиялоого салым кошуусу керек. Чынчыл болуу – өз оюн, каалоосун ачык айтуу, ага ылайык амал кылуу, кемчиликсиз жана күнөөлүү сезилсе да жазадан коркпоо, кемчиликсиз ишке моюн сунуу дегенди билдирет. Атактуу психолог **Лоуренс Шапиро**, балдардын жашыруун тилин изилдеген, маектешинин ачык калп экенин көрсөткөн бир нече сигналдарды белгилейт:
- башка жакты карайт, көздү карабаганга аракет кылат – колун бетине тез-тез тийгизет:көздөрүн, ээгин, мурдун ушалап, кулагынын чөйчөгүн тартат, мойнун чийет; - кыймылдар чектелүү жана табигый эмес; - алыстап кетүүгө аракет кылып, башын эшикти же терезени көздөй бурат. Балдардын калп айтуусунун себеби эмнеде? Калптын көрүнүшү